М. Касей, К. Шамбетова, А. Шакирова

МУЗЫКА

4-класс

Мугалимдер үчүн усулдук колдонмо

Бишкек
2015

УДК 373.8
ББК 74.266.7
К 28

Касей М. ж. б.

К 28 **Музыка. 4-класс.** Мугалимдер үчүн усулдук колдонмо / М. Касей, К. Шамбетова, А. Шакирова, – Б.: Билим-компьютер, 2015. – 120 б.

ISBN-978-9967-31-377-4

Бул мугалимдерге арналган усулдук колдонмодо М. Касей, К. Шамбетова, А. Шакирова, Б. Эсенгуловдор тарабынан «Музыка» боюнча түзүлгөн окуу программасынын жана куррикулумдун негизинде жазылган 4-класстын окуу китеби боюнча сабак өтүүнүн иштелмелери жана ноталык хрестоматиясы камтылды.

Усулдук колдонмо башталгыч мектептин 4-классы боюнча сабак берген мугалимдерге арналат.

К 4306011800 – 15

УДК 372.8
ББК 74.266.7

ISBN-978-9967-31-377-4

© Касей М., Шамбетова К., Шакирова А., 2015
© «Билим-компьютер», 2015
© КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2015

КИРИШҮҮ

4-класстын «Музыка» предмети боюнча окуу китеби жана мугалимдер үчүн усулдук иштелмелери Кыргыз Республикасынын Улуттук Куррикулумунун негизинде жазылды. Чейректик тематика «Искусство» (Музыка, Адабият жана Көркөм өнөр) тармагындагы предметтердин билим берүү байланыштарынын негизинде түзүлдү. Мында искусствонун үч түрүнүн бири-бири менен тыгыз байланыштыгын жана бири-бири менен эриш-аркакта өнүгүүсүн окуп, өздөштүрүү талапка коюлган.

Окуу куралында жеке эле музыкалык чыгармаларды өздөштүрүү гана эмес, композиторлордун чыгармачылыгы жана өмүр баяндары менен таанышуу, ошондой эле музыка менен байланышкан акындардын, жазуучулардын, сүрөтчүлөрдүн чыгармаларынан окуп билүү камтылган. «Музыка» предмети боюнча иштелип чыккан усулдук окуу куралы, окуучуларга эстетикалык, чыгармачылык жана эмгектик тарбия берүүгө багытталган курал катары эсептелет.

«Музыка» предметинин негизги максаты – окуучулардын эстетикалык табитин калыптандырууну, музыкага болгон кызыгуусун ойготууну, өз алдынча иш-аракетин, ой-толгоосун, ошондой эле чыгармачылык шык-жөндөмдүүлүгүн өстүрүп-өнүктүрүүнү, музыканын адабият жана көркөм өнөр менен байланышы аркылуу иш жүзүнө ашыруу.

Бул усулдук окуу куралы, өзүнө камтыган усулдук иштелмелер, көрсөтмөлөр менен гана чектелбейт. Музыка мугалимине ар бир тема боюнча сабак өтүүдө, берилген тематиканы жана талаптарды өзгөртпөй, чыгармачылык менен изденип, кызыктуу, түрдүү ыкмаларды колдонушуна мүмкүнчүлүк берилет. Бул усулдук иштелмелер негиз жана үлгү катары берилген.

Мугалимдин негизги милдеттеринин бири бул чейректин жана ар бир сабактын темаларын ачык, айкын, кызыктуу, ошондой эле мазмундуу жана максаттуу түрдө өтүүгө жетишүүсү болуп саналат.

4-класстын окуу китеби өзүнүн кандайдыр бир түзүлүшүнө ээ. Окуп-өздөштүрүлүүчү материалдардын ар бир параграфы бир нече бөлүктөрдөн турат:

1. Окуп-өздөштүрүлүүчү негизги материалдын тексти;
2. Суроолор жана тапшырмалар;
3. Музыкалык сөздүк;
4. Бул кызыктуу!
5. Ырдоого чыгармалар.

Суроолорду жана тапшырмаларды окуучу китепте берилген материалдардан (негизги тексттен, музыкалык сөздүктөн, бул кызыктуу! ж. б.) таба алат. Алдыга коюлган максатка жетишүү үчүн мугалим ар бир окуучунун окуу мөөнөтүндө жеткиликтүү билим жана тарбия алуусуна жетишип, алган билимди баалоосу өтө маанилүү экендигин түшүнүүсү зарыл. Бул жагдайда төмөндөгүлөрдү эске алуу зарыл:

• Окуучунун билимин баалоо – бул окуучу кандайдыр бир талаптарды аткаруусу гана эмес, анын жыйынтыгынын үзүрлүү болушу;

• Ар бир окуучунун билим деңгээли иш тажрыйба менен айкалыштырылып көмөккө алынышы;

www.bizdin.kg

• Иштин планын эмес, аткарылган иштин жыйынтыгын баалоо;

• Сабакта билим жеткиликтүү алынбаса, аны баалоого болбойт;

• Баалоо – бул окуучу коюлган талапты аткарбаса, аны жазалоо эмес, ага коюлган талаптарды аткарууга жол көрсөтүп, анын өз алдынча чыгармачылык менен иш-аракетине көмөк көрсөтүп, жакшы жыйынтыкка жетишүүсүн көздөө;

• Эгерде окуучуга билим жана тарбияны жеткиликтүү бере албасаң, анын жыйынтыгын баалоодон эч майнап чыкпайт;

• Баа ар дайым эле нукура билимдин көрсөткүчү боло албайт.

Окуучунун кандайдыр деңгээлде алган билимин баалоодон мурда, мугалим өзүнө төмөндөгүдөй суроолорду коюусу зарыл:

• Баалоонун максаты эмнеде?

• Окуучу кандай шартта билим алуу максатына жетишти?

• Окуучу максатына кандайча жетишти (же жетише алган жок)?

• Окуучулардын иш-аракеттери мугалим тарабынан эске алындыбы (сыйлык, дем берүү, кызыктыруу ж. б.)?

• Окуучунун жасаган иш-аракети, алган билими ар дайым бааланып, көзөмөлдөө болдубу?

• Окуу мөөнөтүндө окуучунун жетишпеген кем-карчына өз убагында көмөк көрсөтүлүп, жардам берилдиби?

Мугалимге сунуштар

Тексттин үстүндө иштөө

Китептеги тексттер окуучуга тема боюнча кыскача жалпы түшүнүк берүүчү маалымат болуп эсептелет. Мугалим берилген текст боюнча окуучулардын ой жүгүртүп, тереңдетип, түшүнүк алуусуна, ал жөнүндө кенен маалымат алышына көмөк көрсөтөт.

Класста адабият чыгармаларынын (аңгеме, жомок, уламыш, ж. б.) текстинин үстүндө иштөөдө текстти тыныгуу менен окутуу («Билгим келет», «Билип алдым» деген ураанда) пайдалуу. Текстти окутууда ал аркылуу окуучунун туура ой жүгүртүүсүнө, аны кабылдай билүүсүнө көңүл буруу жана көмөк көрсөтүү зарыл.

Текст боюнча берилген тапшырмаларга жооп берүү үчүн окуучу текстти алгач окуп, ал жөнүндө жалпы маалымат алышы керек. Андан соң анын мазмуну жөнүндө тереңирээк түшүнүк алып, андан кийин тапшырманы аткарууга киришүүсү кажет.

Ырды үйрөтүүнүн жана ырдатуунун үстүндө иштөө

Берилген ырларды үйрөтүүдө аны этаптуу өздөштүрүү сунуш кылынат:

• Алгач ырдоо көнүгүүлөрүнүн үстүндө иштөө менен окуучулардын үнүн ырдоого даярдык жүргүзүү;

www.bizdin.kg

• Эң алды ырдын сөздөрү жана автору менен таанышуу, ырдын сөздөрүнүн мазмунуна терең түшүнүүсүнө көмөк берүү;

• Ырдын обонун окуучуларга бир-эки ирет уктуруп, анын мүнөзүн аныктап алуу;

• Ырдын ар бир кайрыгынын үстүндө иштөө (сөзү обону менен келишип, ар бир тактыдагы ноталар туура, так, таза угулушуна жетишүү);

• Ырды нота боюнча ырдатып, мүнөзүн чыгаруунун үстүндө иштөө;

• Ырдын сөздөрүн жатка билип, нотасыз ырдоого жетишүү;

• Ырдын сөздөрүн жана нотасын жатка билип, мүнөзүн чыгара ырдоого жетишүү.

• КАЛЕНДАРДЫК ПЛАН •

МУЗЫКА, АДАБИЯТ ЖАНА КӨРКӨМ ӨНӨР

I чейрек. Адабият болбосо, музыка кандай болор эле?

1. 1-сентябрь – Билим күнү! ..... 1 с.
2. «Манас» эпосу музыкада ..... 1 с.
3. Молдобасан Мусулманкул уулу ..... 1 с.
4. «Семетей» эпосу ..... 1 с.
5. Жүсүп Мамай ..... 1 с.
6. Каба Атабек уулу ..... 1 с.
7. «Сейтек» эпосу ..... 1 с.
8. Шаабай Азиз уулу ..... 1 с.
9. Чейректик жыйынтык сабак ..... 1 с.

II чейрек. Музыка болбосо, адабият кандай болор эле?

1. «Манас» эпосу композитордук музыкада. «Манас» операсы ..... 1 с.
2. А. Малдыбаев, В. Власов, В. Фере ..... 1 с.
3. К. Молдобасановдун «Манас кошууну» симфониялык сүрөттөмөсү .... 1 с.
4. К. Молдобасанов ..... 1 с.
5. М. Бегалиевдин «Манас» сонатасы ..... 1 с.
6. М. Бегалиев ..... 1 с.
7. Жаңы жылдык концерт-сабак ..... 1 с.

www.bizdin.kg

III чейрек. Биз музыканы көрө алабызбы?

1. Музыканы угуп, сүрөттөп, көрө алабызбы? ..... 1 с.
2. Көргөзмөдөгү сүрөттөргө музыка ..... 1 с.
3. Кыргыз саймалары музыкада ..... 1 с.
4. Скульптураны карап, музыканы уга алабызбы? ..... 1 с.
5. Бүбүсара Бейшеналиева ..... 1 с.
6. П. И. Чайковскийдин «Ак куулардын Айдың-Көл» балети ..... 2 с.
7. К. Молдобасановдун «Саманчынын жолу» балет-ораториясы ..... 1 с.
8. Нооруз майрамы ..... 1 с.
9. Чейректик жыйынтык-сабак ..... 1 с.
10. Майрамдык концерт-сабагы ..... 1 с.

IV чейрек. Живописти уга алабызбы?

1. Музыканы сүрөттөп берген живопись ..... 1 с.
2. Жыл мезгилдери музыкада жана живописте ..... 1 с.
3. Жеңиш күнү ..... 1 с.
4. «Күн балдары» ..... 1 с.
5. Музыкалык көркөм каражаттар ..... 1 с.
6. А. Огонбаев ..... 1 с.
7. «Тайды таптайм» ..... 1 с.
8. Искусствонун үч түрүнүн байланышы. (Жыйынтыктоочу сабак) ..... 1 с.

www.bizdin.kg

АДАБИЯТ БОЛБОСО, МУЗЫКА КАНДАЙ БОЛОР ЭЛЕ?

1-сабак

1-сентябрь – Билим күнү

Сабактын максаты:

• Окуучуларга 1-сентябрь – Билим күнү жөнүндө маек куруу. Аларды терең билим алуу жана чыгармачылык менен иштөөгө үндөө.

• Окуучуларды музыкалык тарбия жана билим алуу, ошондой эле чыгармачылык жөндөмдүүлүгүнө тарбиялоо.

• Билим алуу жөнүндө окуучулар өзүлөрүнүн ой толгоолорун айтып бере алышына багыт берүү. Окуучуларга музыка менен адам баласынын жашоосунун тыгыз байланыштыгы жөнүндө кеңири маалымат берип, музыка уктуруу менен аларды айкалыштырып, окуучулардын ички сезимдерин ойготуу жана алардын музыка менен жаратылыштын, табияттын кубулуштарын, искусствонун кереметтүүлүгүн салыштырып айта билүүсүн өнүктүрүү.

Сабактын жабдылышы:

• Элдик музыкалык аспаптар (комуз, темир ооз комуз, кыл кыяк, чоор ж. б.), фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.

• Атактуу музыканттардын жана композиторлордун портреттери, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Адабият болбосо, музыка кандай болор эле?

• Сабактын темасы: 1-сентябрь – Билим күнү.

Сабактын жүрүшү:

М: Балдар, эс алууну кайда (үйдө, лагерде, туугандардыкында) өткөрдүңөр? Жайкы каникулда кандай музыка уктуңар? Ал аспаптык чыгармабы? Же обондуу ырбы? Кимиңер театрга бардыңар? Андан кандай музыка уктуңар? Биз өткөн окуу жылындагы өздөштүрүлгөн темалар кимдин эсинде? Ал темаларда эмнелер жөнүндө сөз кылдык эле? Кандай чыгармаларды үйрөндүк эле? (Мугалим мына ушундай суроолор аркылуу окуучулар менен маек курат.)

О: «Мектебим», «Алиппем», «Күз келди», «Елка», «Кышта», «Балаты», «Жаз келди», «Күкүк», «Жай келди» ж. б. (Бул ырлардын ичинен окуучулар-

www.bizdin.kg

дын каалоолору менен бир нече ырды мугалимдин жардамы менен ырдашат. Ырдоонун алдында көнүгүүнүн үстүндө иштөө жүргүзүлөт).

М: Балдар, бүгүн кандай күн?

О: Бүгүн 1-сентябрь – Билим күнү.

М: Ооба, балдар, туура. Бүгүн билим күнү – билим майрамы. «Билими күчтүү адам миңди жыгат, билеги күчтүү адам бирди жыгат», – деген элде сөз бар эмеспи. Билим алган адам өз каалаган ар кай кесиптин ээси боло алат. Жашоосу жакшы өтөт. (Билим тууралуу окуучулар менен терең маек курулат.)

Окуучулар: жаңы тема боюнча түшүндүрмөлөрдү угушуп, көрсөтмөлөрдү эстеп калууга аракет жасашат. Берилген суроолорго жооп беришет.

Музыка уктуруу: «Биринчи сентябрь». Музыкасы А. Тыналиевдики.

Ритмика (музыканын коштоосунда музыкалык кыймыл-аракеттерди жасоо).

М: Эми, балдар, биз «Биз окуган мектепте» аттуу ырды өздөштүрөбүз. Бул ырдын сөзүн акын А. Көчөрбаев жазган. Анда айланасы алма-бактуу, көркөмкооз мектеп жөнүндө айтылат. Сөздөрүнө шайкеш келип, жагымдуу угулган бул ырдын музыкасын элибиздин атактуу ырчысы Рыспай Абдыкадыров жазган. Эгер акын бул ырдын сөздөрүн жаратпаса, анын музыкасы жаралмак беле? (Мына ушундай темада балдар менен суроо-жооп, маек курулат.)

Ырды үйрөнүү: «Биз окуган мектепте».

М: Балдар, биз ырдаган «Биз окуган мектепте» ырынын музыкасын ким жараткан?

О: Композитор жараткан.

М: Ал кайсы композитор?

О: Ал атактуу обончу-композитор Р. Абдыкадыров.

М: Ал эми ырлардын сөздөрүн ким жазат?

О: Акын жазат.

М: «Биз окуган мектепте» аттуу ырды кайсы акын жазган?

О: Акын А. Көчөрбаев.

М: Ал эми китебиңердеги сүрөттү ким тарткан?

О: Сүрөтчү.

М: Акындын ыр саптары, композитордун чыгармасы, сүрөтчүнүн сүрөтүн, мына ушул үч түрдүү чыгарманын мүнөздөрүнүн жана мазмундарынын салыштырмалуулугу, окшоштуктары, шайкеш келишүүлөрү жөнүндө талкуу, тактоо жүргүзүлөт.

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

1. Балдар, биз үч түрдүү чыгарма (акындын ыр саптары, композитордун музыкасы жана сүрөтчүнүн сүрөтү) менен тааныштык.

2. Бул чыгармалар эмнелери менен окшош келишет?

www.bizdin.kg

3. Алардын мүнөздөрүн ким айтып берет?
4. Үч чыгарма бири-бири менен шайкеш келеби?
5. Силерге бул үч чыгарма жактыбы? Эмне себептен?
Окуучулар мугалимдин жардамы менен суроолорго жооп беришет.

Үйгө тапшырма:
• Билим күнү жөнүндө айтып берүү.
• «Биз окуган мектепте» ырын кайталоо.
Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

2-сабак

«Манас» эпосу музыкада

Сабактын максаты:
• Окуучуларга «Манас» эпосу жана манас айтуучулук өнөрү тууралуу кыскача түшүндүрмө берүү. «Манас» эпосу жана манас айтуучулук өнөрүнүн өзгөчөлүгү жөнүндө айтып берүү.
• «Манас» эпосу аркылуу окуучуларды чынчылдыкка, ыймандуулукка, улууну урматтоого, Ата Мекенди сүйүүгө, жаратылышты коргоого тарбиялоо.
• Окуучулардын чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү.

Сабактын жабдылышы:
• Элдик музыкалык аспаптар (комуз, темир ооз комуз, кыл кыяк, чоор ж. б.), фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.
• «Манас» эпосу боюнча иллюстрациялар, атактуу манасчылардын жана композиторлордун портреттери, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.
Доскада жазылуу:
• Чейректин темасы: Адабият болбосо, музыка кандай болор эле?
• Сабактын темасы: «Манас» эпосу музыкада.

Сабактын жүрүшү:
М: Нечен миң жылдар бою айтылып келе жаткан «Манас» эпосу апталап, айлап айтылчу чексиз көлөмдөгү, дүйнөдө теңдеши жок байыркы улуу баатырдык эпостордун бири болуп эсептелет (мугалим «Манас» эпосу боюнча окуучуларга терең маалымат берет).
М: Айткылачы, балдар, «Манас» эпосу жөнүндө эмнелерди айтып бере аласыңар? «Манас» эпосун кимдер айтышкан?
Окуучулар мугалимдин жардамы менен суроого жооп беришет.
М: «Манасты» төкмөлүк жол менен манасчылар айтып келишкен. («Ма-

www.bizdin.kg

нас» эпосунун музыка менен тыгыз байланышы жөнүндө окуучулардын ой толгоолору жана түшүнүктөрү боюнча суроолор, баарлашуулар болот.

Музыка уктуруу: «Айкөл Манас» эпосунан үзүндү Молдобасандын айтуусунда.

М: Силер кайсы манасчынын аткаруусунда үзүндү уктуңар? Бул үзүндүдө эмнелер жөнүндө айтылып жатат? (Эпостогу эпизоддордун өзүлөрүнө мүнөздүү обондуу келиши, алардын бири-бири менен айырмачылыктары, өзгөчөлүктөрү тууралуу талдап, аныктоо жүргүзүү. Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.)

Ритмика (музыканын коштоосунда музыкалык кыймыл-аракеттерди жасоо).

Ырды үйрөтүү: «Айкөл Манастан» манасчы Молдобасандын айтуусунда үзүндү.

М. «Манас» ыр саптарынан кандай түшүнүк алдыңар? Обону жактыбы? «Манасты» кимдин айтуусунда уктуңар? (Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.)

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

1. «Манас» эпосу канча бөлүмдөн турат?
2. «Манасты» кимдер айтат?
3. «Манас» эпосунун мазмуну кандай?

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп берет.

Үйгө тапшырма:

• «Манастан» үзүндүлөрдү окуп, манасчынын айтуусун угуп, алардын мазмунун кыскача айтып берүү;

• «Айкөл Манас» эпосунан үзүндү жаттоо (Молдобасандын айтуусунда);

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

3-сабак

Молдобасан Мусулманкул уулу
(1883–1961)

Сабактын максаты:

• Манасчы Молдобасан Мусулманкул уулу тууралуу кыскача түшүндүрмө берүү.

• Молдобасандын «Манас» айтуучу ыкмасы жөнүндө окуучуларга кеңири түшүнүк берүү менен, аткаруучулук өнөрдү түшүнө билүүгө тарбиялоо.

• Окуучулардын «Манас» айтуучулук ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү.

www.bizdin.kg

Сабактын жабдылышы:

• Элдик музыкалык аспаптар (комуз, темир ооз комуз, кыл кыяк, чоор ж. б.), фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.

• «Манас» эпосу боюнча иллюстрациялар, манасчы Молдобасандын портрети, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Адабият болбосо, музыка кандай болор эле?

• Сабактын темасы: Манасчы Молдобасан Мусулманкул уулу.

Сабактын жүрүшү:

М: «Манас» эпосу көлөмдүү келген, дүйнөдө теңдеши жок байыркы улуу баатырдык эпос болуп эсептелет (мугалим «Манас» эпосу боюнча окуучуларга терең маалымат берет).

М: «Манас» эпосу жөнүндө кимиңер айтып бере аласыңар? «Манас» эпосун кимдер айтышкан? (Окуучулар мугалимдин жардамы менен суроого жооп беришет.)

М: «Манасты» төкмөлүк жол менен манасчылар айтып келишкен. (Манас айтуучулук өнөрү жана манасчы Молдобасан жөнүндө айтып берүү. Алар жөнүндө окуучулардын ой толгоолору жана түшүнүктөрү боюнча суроолор, баарлашуулар болот.)

Музыка уктуруу: «Айкөл Манас» эпосунан үзүндү.

М: Силер кайсы манасчынын аткаруусунда үзүндү уктуңар? Бул үзүндүдө эмнелер жөнүндө айтылып жатат. (Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.)

Ритмика (музыканын коштоосунда музыкалык кыймыл-аракеттерди жасоо).

Ырдоо: «Айкөл Манас» Молдобасандын айтуусунда.

М: «Манастын» ыр саптарынан кандай түшүнүк алдыңар? Обону жактыбы? Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

1. «Манас» эпосу канча бөлүмдөн турат?

2. «Манасты» кимдер айтат?

3. Силер «Манастан» үзүндүнү кимдин айтуусунда уктуңар? (Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.)

Үйгө тапшырма:

• «Манастан» үзүндүлөрдү окуп, манасчынын айтуусун угуп, алардын мазмунун кыскача айтып берүү;

• «Манастан» үзүндүнү жаттап айтуу;

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

www.bizdin.kg

4-сабак

«Семетей» эпосу

Сабактын максаты:

• «Манас» эпосунун үчилтигинин бири «Семетей» тууралуу окуучуларга кеңири түшүнүк берип, алардын өзүлөрүнүн ой толгоолорун айтып бере алышына багыт берип окутуу.

• Окуучуларга «Семетей» эпосун уктуруу аркылуу аларды ыймандуулукка, гумандуулукка тарбиялоо.

• Окуучунун «Семетей» жөнүндө өз алдынча ой толгоп айтып берүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү.

Сабактын жабдылышы:

• Элдик музыкалык аспаптар (комуз, темир ооз комуз, кыл кыяк, чоор ж. б.), фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.

• «Семетей» эпосу боюнча иллюстрациялар, атактуу манасчылардын жана композиторлордун портреттери, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Адабият болбосо, музыка кандай болор эле?

• Сабактын темасы: «Семетей» эпосу.

Сабактын жүрүшү:

М: Биз силер менен өткөн чейректе «Манас» эпосун өздөштүргөнбүз. Айткылачы, балдар, Манас ким болгон? Манастын төрөлүшү, бала чагы, баатырдыгы жөнүндө эмнени билесиңер? Манастын ата-энеси ким болгон?

(Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришип, өткөн чейректе өтүлгөн темалар боюнча кайталоо, талкуу жүргүзүшөт.)

М: Биз бүгүн «Семетей» эпосу жөнүндө кеп кылабыз. (Мугалим «Семетей» эпосу жана аны айтуучулар, эпостогу каармандар тууралуу окуучуларга кеңири маалымат беришет. Окуучулар менен «Семетей» эпосу жөнүндө өз ойлорун айтышып, талкуу жүргүзүп, маек курушат.)

«Семетей» эпосунан үзүндү уктурулат. Аны угуп жатканда манасчынын айтуучулук дараметинин бийиктиги, өзгөчөлүгү, касиети жөнүндө түшүнүк беришет. Окуучулар «Семетей» жана аны айтуучу жөнүндө өз ойлорун айтышат.

Музыка уктуруу: «Семетей» С. Каралаевдин варианты боюнча (Т. Бакчиевдин айтуусунда).

Ырды үйрөтүү: «Каныкейдин жомогу» үзүндү үйрөтүүнүн үстүндө иштөө (С. Каралаевдин айтуусунда)

www.bizdin.kg

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

1. «Семетей» эпосу «Манас» үчилтигинин канчанчы бөлүгү?

2. Семетей» эпосун кимдер айткан?

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Үйгө тапшырма:

• «Семетей» эпосу тууралуу айтып берүү;

• «Каныкейдин жомогунан» үзүндү жаттоо.

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

5-сабак

Жүсүп Мамай

(1918–2014)

Сабактын максаты:

• Манасчы Жүсүп Мамай тууралуу кыскача түшүндүрмө берүү.

• Жүсүп Мамайдын «Манас» айтуучулугу, ыкмасы жөнүндө окуучуларга кеңири түшүнүк берүү менен манас аткаруучулук өнөрүн түшүнө билүүгө тарбиялоо.

• Окуучулардын манас айтуучулук ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү.

Сабактын жабдылышы:

• Элдик музыкалык аспаптар (комуз, темир ооз комуз, кыл кыяк, чоор ж. б.), фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.

• «Манас» эпосу боюнча иллюстрациялар, манасчы Жүсүп Мамайдын портрети, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Адабият болбосо, музыка кандай болор эле?

• Сабактын темасы: Манасчы Жүсүп Мамай.

Сабактын жүрүшү:

М: «Манас» эпосу көлөмдүү келген, дүйнөдө теңдеши жок байыркы улуу баатырдык эпос болуп эсептелет (мугалим «Манас» эпосу боюнча окуучуларга терең маалымат берет).

М: «Манас» эпосу жөнүндө кимиңер айтып бере аласыңар? «Манас» эпосун кимдер айтышкан? (Окуучулар мугалимдин жардамы менен суроого жооп беришет).

М: «Манасты» төкмөлүк жол менен манасчылар айтып келишкен. (Манас айтуучулук өнөрү жана манасчы Жүсүп Мамай жөнүндө айтып берүү. Алар

www.bizdin.kg

жөнүндө окуучулардын ой толгоолору жана түшүнүктөрү боюнча суроолор, баарлашуулар болот.)

Музыка уктуруу: «Каныкейдин жомогу» эпосунан үзүндү (Саякбайдын айтуусунда).

М: Силер кайсы манасчынын аткаруусунда үзүндү уктуңар? Бул үзүндүдө эмнелер жөнүндө айтылып жатат. (Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.)

Ырдоо: «Каныкейдин жомогу» (үзүндү), Саякбайдын айтуусунда.

М: «Манастын» ыр саптарынан кандай түшүнүк алдыңар? Обону жактыбы? Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

1. «Манас» эпосу канча бөлүмдөн турат?
2. «Семетейди» кимдер айтат?
3. Силер «Семетей» эпосунан үзүндүнү кимдин айтуусунда уктуңар?

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Үйгө тапшырма:

• «Семетейден» үзүндүлөрдү окуп, семетейчинин айтуусун угуп, алардын мазмунун кыскача айтып берүү;

• «Каныкейдин жомогун» (үзүндү) жаттап айтуу;

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

6-сабак

Каба Атабек уулу

(1926-2004)

Сабактын максаты:

• Манасчы Каба Атабек уулу тууралуу кыскача түшүндүрмө берүү.

• Каба Атабек уулунун манас айтуучулугу, анын варианты жөнүндө окуучуларга кеңири түшүнүк берүү менен, манас аткаруучулук өнөрүн түшүнө билүүгө тарбиялоо.

• Окуучулардын манас айтуучулук ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү.

Сабактын жабдылышы:

• Элдик музыкалык аспаптар (комуз, темир ооз комуз, кыл кыяк, чоор ж. б.), фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.

• «Семетей» эпосу боюнча иллюстрациялар, манасчы Каба Атабек уулунун портрети, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

www.bizdin.kg

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Адабият болбосо, музыка кандай болор эле?

• Сабактын темасы: Манасчы Каба Атабек уулу.

Сабактын жүрүшү:

М: «Семетей» эпосу көлөмдүү келген баатырдык эпос болуп эсептелет (мугалим «Семетей» эпосу боюнча окуучуларга терең маалымат берет).

М: «Семетей» эпосу жөнүндө кимиңер айтып бере аласыңар? «Семетей» эпосун кимдер айтышкан? (Окуучулар мугалимдин жардамы менен суроого жооп беришет.)

М: «Манасты» төкмөлүк жол менен манасчылар айтып келишкен. (Манас айтуучулук өнөрү жана манасчы Каба Атабек уулу жөнүндө айтып берүү. Алар жөнүндө окуучулардын ой толгоолору жана түшүнүктөрү боюнча суроолор, баарлашуулар болот.)

Музыка уктуруу: «Каныкейдин Тайторуну байгеге чабышы», эпостон үзүндү.

М: Силер кайсы манасчынын аткаруусунда үзүндү уктуңар? Бул үзүндүдө эмнелер жөнүндө айтылып жатат. (Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет).

Ырдоо: «Каныкейдин Тайторуну байгеге чабышы» Саякбайдын айтуусунда.

М: «Манастын» ыр саптарынан кандай түшүнүк алдыңар? Обону жактыбы? Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

1. «Манас» эпосу канча бөлүмдөн турат?
2. «Семетейди» кимдер айтат?
3. Силер «Семетейден» үзүндүнү кимдин айтуусунда уктуңар?

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Үйгө тапшырма:

• «Семетейден» үзүндүлөрдү окуп, семетейчинин айтуусун угуп, алардын мазмунун кыскача айтып берүү;

• «Семетейден» үзүндүнү жаттап айтуу;

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

7-сабак

«Сейтек» эпосу

Сабактын максаты:

• «Манас» үчилтигинин бир бөлүгү «Сейтек» эпосу тууралуу окуучуларга кеңири маалымат берип, алардын өзүлөрүнүн ой толгоолорун айтып бере алышына багыт берип, окутуу.

www.bizdin.kg

• Окуучуларды «Сейтек» эпосун уктуруу аркылуу, аларды эли-жерин сүйүүгө, ата-энени урматтоого, ыймандуулукка, гумандуулукка, баатырдыкка тарбиялоо.

• Окуучунун «Сейтек» жөнүндө өз алдынча ой толгоп, айтып берүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү.

Сабактын жабдылышы:

• Элдик музыкалык аспаптар (комуз, темир ооз комуз, кыл кыяк, чоор ж. б.), фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.

• «Сейтек» эпосу боюнча иллюстрациялар, атактуу манасчылардын жана композиторлордун портреттери, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Адабият болбосо, музыка кандай болор эле?

• Сабактын темасы: «Сейтек» эпосу.

Сабактын жүрүшү:

М: Биз силер менен өткөн сабакта «Семетей» эпосу жөнүндө маек түзгөнбүз. Бүгүн биз анын уландысы «Сейтек» эпосу менен таанышабыз (мугалим «Сейтек» эпосу тууралуу окуучуларга кеңири маалымат берет).

М: Сейтек кимдин баласы? Сейтекти ким тарбиялаган? Сейтек канча жашында баатыр деп аталган? Сейтекти өз жеринде кимдер тосуп алган? Ал элин кандай башкарган? (Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришип, «Сейтек» эпосу жөнүндө өз ойлорун айтышат.)

Музыка уктуруу: «Сейтек» эпосунан үзүндү (Сейтектин кайып болуп кеткен Семетейге жолугушу), айтуучу Д. Сыдыков.

М: Эпосту кимдин аткаруусунду уктуңар? Силер кайсы манасчыларды билесиңер? «Сейтек» эпосу тууралуу эмнелерди айтып бере аласыңар? (Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп берет).

Ырды үйрөтүү: «Сейтектин чоңоюшу», үзүндү үйрөтүүнүн үстүндө иштөө (Д. Сыдыковдун айтуусунда)

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

1. «Сейтек» эпосу жөнүндө эмнелерди айтып бере аласыңар?
2. «Сейтек» эпосун кимдер айтат?
3. «Сейтек» эпосу үчилтикке киреби?

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Үйгө тапшырма:

• «Сейтек» эпосу тууралуу айтып берүү;

• Ырларды кайталоо;

www.bizdin.kg

• Эпоско карата сүрөттөрдү тартып келүү.

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

8-сабак

Шаабай Азиз уулу
(1927–2004)

Сабактын максаты:

• Манасчы Шаабай Азиз уулу тууралуу окуучуларга баяндоо. Окуучуларга Шаабай Азиз уулунун варианты боюнча уктуруу аркылуу манасчылык өнөр боюнча терең түшүнүк алууга тарбиялоо.

• Окуучунун манасчы жөнүндө өз алдынча ой толгоп, айтып берүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү.

Сабактын жабдылышы:

• Элдик музыкалык аспаптар (комуз, темир ооз комуз, кыл кыяк, чоор ж. б.), фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.

• «Сейтек» эпосу боюнча иллюстрациялар, манасчы Шаабай Азиз уулунун портрети, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Адабият болбосо, музыка кандай болор эле?

• Сабактын темасы: Манасчы Шаабай Азиз уулу (1927–2004).

Сабактын жүрүшү:

М: Биз силер менен өткөн сабакта Сейтек эпосу жөнүндө сөз кылганбыз. Бүгүн манасчы Шаабай Азиз уулунун манас айтуучулугу жөнүндө кеп кылабыз (мугалим манасчы тууралуу баяндап берет).

«Сейтек» эпосунан үзүндү уктурулат. Окуучулар «Сейтек» жана аны айтуучу жөнүндө өз ойлорун айтышат.

Музыка уктуруу: «Сейтек» Д. Сыдыковдун айтуусунда (үзүндү).

Ырдоого: «Сейтектин чоңоюшу» Д. Сыдыковдун айтуусунда (үзүндү).

Ыр үйрөтүү: «Жаңы жыл» ыры. Музыкасы Г. Ашымованыкы, сөзү С. Жусуевдики.

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

1. Шаабай Азиз уулу жөнүндө айтып бергиле.

2. «Сейтектен» үзүндүнү ким айткан?

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

www.bizdin.kg

Үйгө тапшырма:

• Манасчы Шаабай Азиз уулу жөнүндө айтып берүү;

• «Сейтектин чоңоюшунан» үзүндү жана «Жаңы жыл» ырын ырдоо.

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

9-сабак

Чейректик жыйынтык сабак

Сабактын максаты:

• Чейрек ичинде өтүлгөн темаларды бышыктоо жана концерт-сабагын өтүү.

• Чейрек ичинде алынган билимди бышыктоо менен, окуучуларды кабылдай билүүсүнө жана аткаруучулук жөндөмдүүлүктөрүнө тарбиялоо.

Сабактын жабдылышы:

• Фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.

• Манасчылардын портреттери, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Адабият болбосо, музыка кандай болор эле?

• Сабактын темасы: Жылдык жыйынтыктоочу концерт-сабагы.

Сабактын жүрүшү:

М: Концертте аткарылуучу чыгармаларды кайталайбыз, эске салабыз! (Окуучуларды ырдоого үндөрүн даярдоо үчүн ырдоо көнүгүүлөрүн, концерттик программаны кайталоо жүргүзүлөт.)

М: Мына балдар биринчи чейрегибиз да аяктады. Чейрек ичинде алган билимибизди, өздөштүргөн чыгармаларыбызды жыйынтыкташыбыз керек. Эмесе ата-энелерибизге даярдаган майрамдык чакан программалуу концертибизди тартуу кылабыз:

1. Биз окуган мектепте;
2. Манастан үзүндү;
3. Каныкейдин Тайторуну байгеге чабышы;
4. Каныкейдин жомогу;
5. Сейтектин чоңоюшу.

– Азаматсыңар, балдар! Концерттик чыгармалардын баарын эң жакшы аткардыңар. Эми алдыда силерди каникул күтүп турат. Каникулда көңүлдүү эс алгыла. Жакшы маанай менен биз силерди 2-чейректе күтөбүз.

www.bizdin.kg

МУЗЫКА БОЛБОСО, АДАБИЯТ КАНДАЙ БОЛОР ЭЛЕ?

1-сабак

«Манас» эпосу композитордук музыкада

Сабактын максаты:

• Окуучуларга «Манас» эпосунун обондуулугу тууралуу кыскача түшүндүрмө берүү. Композиторлордун «Манас» эпосунун обонун чыгармаларында колдонушу жана музыка жаратышы жөнүндө айтып берүү.

• «Манас» эпосу жана композиторлордун чыгармаларында анын обонунун колдонулушу жөнүндө окуучулардын ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүү.

Сабактын жабдылышы:

• Элдик музыкалык аспаптар (комуз, темир ооз комуз, кыл кыяк, чоор ж. б.), фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.

• «Манас» эпосуна иллюстрациялар, атактуу манасчылардын жана композиторлордун портреттери, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Музыка болбосо, адабият кандай болор эле?

• Сабактын темасы: «Манас» эпосу музыкада.

Сабактын жүрүшү:

М: «Манасты» төкмөлүк жол менен манасчылар айтышып, дүйнөгө белгилүү кылышты. Айткылачы, балдар, «Манас» эпосу жөнүндө эмнелерди айтып бере аласыңар? «Манас» эпосун кимдер айтышкан?

Окуучулар мугалимдин жардамы менен суроого жооп беришет.

М: «Манас» – музыкалуу, обондуу чыгарма. Ошондуктан ага композиторлор да кайрылышып, анын обонун колдонушуп, чыгарма жаратышкан. Мисалы, А. Малдыбаев, В. Власов, В. Фере, К. Молдобасанов, М. Бегалиев ж. б. («Манас» эпосунун музыка менен тыгыз байланышы жөнүндө окуучулардын ой толгоолору жана түшүнүктөрү боюнча суроолор, баарлашуулар болот.)

Музыка уктуруу: «Манас» операсынан үзүндү (музыкасын жазган А. Малдыбаев, В. Власов, В Фере).

М: «Манас» эпосунун обонуна кайсы композиторлор кайрылышкан? Силер «Манас» операсынан үзүндү уктуңар. Бул үзүндүдө эмне жөнүндө айтылып жатат. (Опера музыкасы тууралуу талдап, аныктоо жүргүзүү. Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп берет.)

www.bizdin.kg

Ырды үйрөтүү: «Мен кыргыздын уулумун». Обону, сөзү Ш. Эсенгуловдуку.

М: Ыр саптарынан кандай түшүнүк алдыңар? Обону жактыбы? (Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.)

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

1. «Манас» эпосунун музыка менен кандай байланышы бар?
2. «Манас» эпосунун негизинде кайсы композиторлор музыка жазышкан?

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Үйгө тапшырма:

- «Манас» эпосу музыка менен кандай байланышы бар?
- Композиторлордун «Манас» эпосуна кайрылышы эмне себептен?
- «Мен кыргыздын уулумун» ырын жаттоо.

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

2-сабак

«Манас» операсы

Сабактын максаты:

- Окуучуларга «Манас» эпосунун обондуулугу тууралуу кыскача түшүндүрмө берүү. Композиторлордун «Манас» эпосунун обонун чыгармаларында колдонушу жана музыка жаратышы жөнүндө айтып берүү.
- «Манас» эпосунун негизинде жазылган «Манас» операсы жөнүндө түшүндүрмө берүү. Опера музыкасы аркылуу окуучуларды классикалык чыгармаларды уга билүүсүнө, көндүмдөрүнө тарбиялоо.
- Окуучулардын «Манас» операсы тууралуу ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү.

Сабактын жабдылышы:

- Элдик музыкалык аспаптар (комуз, темир ооз комуз, кыл кыяк, чоор ж. б.), фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.
- «Манас» операсына иллюстрациялар, атактуу манасчылардын жана композиторлордун портреттери, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

- Чейректин темасы: Музыка болбосо, адабият кандай болор эле?
- Сабактын темасы: «Манас» операсы.

Сабактын жүрүшү:

М: «Манасты» төкмөлүк жол менен манасчылар айтышып, дүйнөгө белгилүү кылышты. Айткылачы, балдар, «Манас» эпосу жөнүндө эмнелерди айтып бере аласыңар? «Манас» эпосун кимдер айтышкан?

www.bizdin.kg

Окуучулар мугалимдин жардамы менен суроолорго жооп беришет.

М: «Манас» – музыкалуу, обондуу чыгарма. Ошондуктан ага композиторлор да кайрылышып, анын обонун колдонушуп, чыгарма жаратышкан. («Манас» эпосунун музыка менен тыгыз байланышы жөнүндө окуучулардын ой толгоолору жана түшүнүктөрү боюнча суроолор, баарлашуулар болот.)

Музыка уктуруу: «Манас» операсынан үзүндү (музыкасын жазган А. Малдыбаев, В. Власов, В Фере).

М: «Манас» операсын кимдер жазган? Силер операдан үзүндү уктуңар. Бул үзүндүдө эмне жөнүндө айтылып жатат. (Опера музыкасы тууралуу талдап, аныктоо жүргүзүү. Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп берет.)

Ырдоо: «Мен кыргыздын уулумун». Обону, сөзү Ш. Эсенгуловдуку.

М: Ыр саптарынан кандай түшүнүк алдыңар? Обону жактыбы? (Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп берет.)

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

4. «Манас» эпосунун музыка менен кандай байланышы бар?

5. «Манас» операсын кимдер жазышкан?

6. «Манас» операсынын мазмунун айтып бергиле.

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Үйгө тапшырма:

• «Манас» операсынын мазмунун окуп, музыкасын угуп, кыскача айтып берүү;

• «Мен кыргыздын уулумун» ырын жаттоо.

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

3-сабак

А. Малдыбаев (1906–1978)**,** **В. Власов** (1902–1986)**, В. Фере** (1902–1971)

Сабактын максаты:

• Композиторлор А. Малдыбаев, В. Власов, В. Ференин чыгармачылыгы менен окуучуларды тааныштыруу.

• Окуучулардын музыкалык маданиятын калыптандыруу. Композитордук музыка менен кеңири тааныштыруу.

Сабактын жабдылышы:

• Фортепиано, аккордеон, музыкалык центр, сабакта уктурулуучу жана аткарылуучу чыгармалар жазылган дисктер.

www.bizdin.kg

• Композиторлордун портреттери, уктурулуучу чыгармаларга тиешелүү иллюстрациялар, көрсөтмө каражаттар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Музыка болбосо, адабият кандай болор эле?

• Сабактын темасы: Композиторлор А. Малдыбаев, В. Власов, В. Фере.

Сабактын жүрүшү.

М: Бүгүн, балдар, биз сабакта элибиздин тунгуч композитору А. Малдыбаевдин жана «Манас» операсын биргелешип жазышкан В. Власовдун, В. Ференин чыгармачылыгы менен таанышабыз. (Композиторлордун чыгармачылыгынын «Манас» эпосу менен байланышы жөнүндө маек куруу.)

М: Айткылачы, балдар, «Манас» операсы кандайча жаралган? Композиторлордун чыгармачылыгы менен «Манас» эпосунун байланышы эмнеде? (Окуучулар жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.)

Музыка уктуруу: «Манас» операсынан үзүндү уктуруу:

1. Силер музыканы угууда эмнени көрө алдыңар?

2. Музыка силерге жактыбы?

3. Музыканын мүнөзү кандай экен?

Окуучулар жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Операнын жаралышына эмне түрткү болгондугу жөнүндө маектешүү.

Ырды үйрөтүү: «Эне тил», музыкасы Т. Туркменовдуку, сөзү Ж. Садыковдуку.

1. Ыр силерге жактыбы?

2. Ырда эмне жөнүндө айтылып жатат?

3. Ырдын мүнөзү кандай?

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

1. Композитор А. Малдыбаев, В. Власов, В. Фере жөнүндө эмнелерди билесиңер?

2. «Эне тил» аттуу ырды ким жазган?

3. Бул ырды аткарууда эмнелерди элестеттиңер?

(Окуучулар жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.)

Үйгө тапшырма:

• Композиторлордун чыгармачылыгы жөнүндө айтып берүү;

• Ырдын сөзүн жана обонун жаттап келүү.

Музыкалык коштошуу.

www.bizdin.kg

4–5-сабактар

К. Молдобасановдун «Манас кошууну» симфониялык сүрөттөмөсү

Сабактын максаты:

• «Манас» эпосунун негизинде жазылган К. Молдобасановдун «Манас кошууну» чыгармасы боюнча түшүнүк берүү. «Манас» эпосунун жана композитордун чыгармаларынын байланышы жөнүндө окуучуларга жеткиликтүү түшүнүк берүү боюнча билим берүү. К. Молдобасановдун чыгармачылыгы менен тааныштыруу.

• «Манас кошууну» симфониялык сүрөттөмөсүн уктуруу аркылуу окуучуларды Ата Мекенди сүйүүгө, эл-жерди коргой билүүгө тарбиялоо.

Сабактын жабдылышы:

• Элдик музыкалык аспаптар (комуз, темир ооз комуз, кыл кыяк, чоор ж. б.), фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.

• Атактуу музыкант-композитордун портрети, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Музыка болбосо, адабият кандай болор эле?

• Сабактын темасы: «Манастын кошууну» симфониялык сүрөттөмөсү.

Сабактын жүрүшү:

Мугалим окуучуларга жаңы тема боюнча түшүнүк берип, өткөн теманы кайталайт.

М: «Манас кошууну» симфониялык сүрөттөмөсүн кыргыздын белгилүү композитору Калый Молдобасанов жазган. (Мугалим симфониялык сүрөттөмө жөнүндө окуучуларга кеңири маалымат берет.) Композитор бул чыгармасын кайсы эпостун негизинде жараткан? «Манас кошууну» чыгармада кандай сүрөттөлгөн?

Окуучулар чыгарма боюнча өзүлөрүнүн ойлорун айтышат.

Симфониялык сүрөттөмөдөн уктуруп, анын мүнөзүнө аныктоолорду жүргүзөт. «Манас» эпосу менен симфониялык сүрөттөмө боюнча ой толгоолорун айтышып, талкуу жүргүзүлөт.

Музыка уктуруу: «Манас кошууну» симфониялык сүрөттөсүнөн үзүндү.

Ырдоо: «Эне тил». Музыкасы Т. Туркменовдуку, сөзү С. Жусуевдики.

Окучуулар мугалимдин жардамы менен «Эне тил» аттуу ырды үйрөнүшөт. Ырдын сөздөрү менен таанышты рып, музыкасын бир нече ирет кайталап, окуучулар эстерине сактап калуу үчүн көмөк көрсөтөт.

Мугалим Калый Молдобасановдун чыгармачылыгы жөнүндө окуучуларга кеңири маалымат берет.

www.bizdin.kg

М: К. Молдобасановдун кандай чыгармаларын билесиңер? Композитордун чыгармачылыгынын «Манас» эпосу менен байланышы эмнеде?

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп берет.

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

1. «Манас кошууну» симфониялык сүрөттөмөсүн ким жазган?
2. Симфониялык сүрөттөмө чыгармасынын негизинде кайсы чыгарма турат?
3. Калый Молдобасанов жөнүндө эмнелерди билесиңер?
4. «Эне тил» ырын ким жазган? (Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет).

Үйгө тапшырма:

• «Манас кошууну» чыгармасынын мазмунун кыскача айтып берүү;

• «Эне тил» ырын ырдоо.

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

6-сабак

М. Бегалиевдин «Манас» сонатасы

(Скрипка жана фортепиано үчүн)

Сабактын максаты:

• «Манас» эпосунун жана композитордун чыгармаларынын байланышы жөнүндө окуучуларга кеңири маалымат берүү. «Манас» эпосунун негизинде жазылган М. Бегалиевдин «Манас» соната чыгармасы боюнча түшүнүк берүү. Композитордун чыгармачылыгы боюнча маек куруу.

• «Манас» сонатасын уктуруу аркылуу окуучуларды «Манас» эпосу менен композитордук музыканын байланышы боюнча терең түшүнүк алып, билүүгө тарбиялоо.

Сабактын жабдылышы:

• Элдик музыкалык аспаптар (комуз, темир ооз комуз, кыл кыяк, чоор ж. б.), фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.

• Композитордун портрети, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Музыка болбосо, адабият кандай болор эле?

• Сабактын темасы: «Манастын» сонатасы (скрипка жана фортепиано үчүн).

Сабактын жүрүшү:

Мугалим окуучуларга жаңы тема боюнча түшүнүк берип, өткөн теманы кайталайт.

www.bizdin.kg

М: «Манас» сонатасын белгилүү композитор М. Бегалиев жазган. (Мугалим соната жөнүндө окуучуларга кеңири маалымат берет.)

М: Композитор бул чыгармасын кайсы эпостун негизинде жараткан? «Манас» эпосунун обону чыгармада кандай берилген?

Окуучулар чыгарма боюнча өзүлөрүнүн ойлорун айтышат.

Мугалим сонатадан үзүндү уктуруп, анын мүнөзүнө аныктоолорду жүргүзөт. «Манас» эпосу менен соната боюнча ой толгоолорун айтышып, талкуу жүргүзүлөт.

Музыка уктуруу: «Манас» сонатасынан үзүндү.

Ырдоо: «Ата Мекен». Музыкасы, сөзү М. Касейдики. (Окуучулар мугалимдин жардамы менен «Ата Мекен» аттуу ырды үйрөнүшөт. Ырдын сөздөрү менен тааныштырып, музыкасын бир нече ирет кайталап, окуучулар эстерине сактап калуу үчүн көмөк көрсөтөт.)

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

1. М. Бегалиев деген ким?
2. «Манас» сонатасы кайсы чыгарманын негизинде жазылган?
3. Композитор «Манас» эпосунун негизинде дагы кандай чыгармаларды жараткан?
4. «Ата Мекен» ырынын мазмунун айтып бергиле. (Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп берет.)

Үйгө тапшырма:

- «Манас» соната чыгармасынын мазмунун кыскача айтып берүү.
- «Ата Мекен» ырын ырдоо.

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

7-сабак

Жаңы жылдык концерт-сабак

Сабактын максаты:

- Жаңы жылды тосуу майрамынын өзгөчөлүктөрүн айтып берүү. Ырда, сүрөттө жана музыкада жаңы жылдын чагылдырылышы, алардын мазмундарынын окшоштуктары, байланыштары жөнүндө окуучуларга жеткиликтүү түшүнүк берүү.
- Окуучулардын жаратылышка болгон кызыгуусун, аларды коргоого болгон ниетке тарбиялоо.
- Окуучунун өнүктүрүүчүлүк-интеллектуалдык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү.

Сабактын жабдылышы:

- Элдик музыкалык аспаптар (комуз, темир ооз комуз, кыл кыяк, чоор ж. б.), фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.

www.bizdin.kg

• Атактуу музыканттардын жана композиторлордун портреттери, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Музыка болбосо, адабият кандай болор эле?

• Сабактын темасы: Жаңы жылыңар менен! (жыйынтыктоочу жаңы жылдык концерт-сабак).

Сабактын жүрүшү:

М: Мына, балдар, көптөн күткөн Жаңы жылыбыз дагы келип калды. Жаңы жыл бизге жакшынакай маанайды, биз каалаган белектерди алып келет. Айткылачы, балдар, силер ата-энеңерге, бир туугандарыңарга белек даярдадыңарбы? Силер Жаңы жылды кандай элестетесиңер? Үйүңөргө балатыны кооздодуңарбы? Силер Жаңы жыл жөнүндө кандай ырларды билесиңер? Окуучулар мугалим менен бирдикте жогорудагы суроолорго жооп беришет.

М: Эмесе, балдар, концертте аткарылуучу чыгармаларды кайталайбыз, эске салабыз! (Окуучуларды ырдоого үндөрүн даярдоо үчүн ырдоо көнүгүүлөрүн, концерттик программаны кайталоо жүргүзүлөт).

М: Мына, балдар, экинчи чейрегибиз да аяктады. Чейрек ичинде алган билимибизди, өздөштүргөн чыгармаларыбызды жыйынтыкташыбыз керек. Эмесе, ата-энелерибизге даярдаган майрамдык чакан программалуу концертибизди тартуу кылабыз:

1. Р. Абдыкадыров «Биз окуган мектепте».
2. «Манастан» үзүндү.
3. Мен кыргыздын уулумун.
4. Ата Мекен.
5. Каныкейдин Тайторуну байгеге чабышы.
6. Каныкейдин жомогу («Семетей» эпосунан үзүндү).
7. Сейтектин чоңоюшу («Сейтек» эпосунан үзүндү).
8. Эне тил.
9. Жаңы жыл.

– Азаматсыңар, балдар! Концерттик чыгармалардын баарын эң жакшы аткардыңар. Эми алдыда силерди кышкы каникул күтүп турат. Каникулда көңүлдүү эс алгыла. Жакшы маанай менен биз силерди үчүнчү чейректе күтөбүз.

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

www.bizdin.kg

БИЗ МУЗЫКАНЫ КӨРӨ АЛАБЫЗБЫ?

1-сабак

Музыканы үгүп, сүрөттөп, көрө алабызбы?

Сабактын максаты:

• Музыканы үгүп, сүрөттөп көрө алабызбы? деген тема тууралуу окуучуларга түшүндүрмө берүү. Бул тема жөнүндө окуучулар өзүлөрүнүн ой толгоолорун айтып бере алышына багыт берүү.

• Акыл-эс менен иштөөнүн ыкмаларын калыптандыруу. Музыканы үгүп, сүрөттөп берүүгө тарбиялоо.

• Окуучунун чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү.

Сабактын жабдылышы:

• Элдик музыкалык аспаптар (комуз, темир ооз комуз, кыл кыяк, чоор ж. б.), фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.

• Атактуу музыканттардын жана композиторлордун портреттери, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Биз музыканы көрө алабызбы?

• Сабактын темасы: Музыканы үгүп, сүрөттөп көрө алабызбы?

Сабактын жүрүшү:

М: Балдар, айткылачы азыр кайсы жыл мезгили? Бул мезгил эмнеси менен айырмаланат? Баарыңар терезени карап, сыртта эмнелерди көрүп жатасыңар, мага айтып бергилечи? (Окуучулар берилген суроолорго жооп беришет.)

М: Кыш мезгили өзгөчө кооз. Бак-даректар аппак кийим кийип, көчөлөрдө аппак килем жатат. Сабактан бош учурда силер дагы чана, коньки тээп ойногуңар келет. (Мугалим окуучуларга кыш жөнүндө кеңири маалымат берет.)

М: Биз азыр силер менен музыкалык чыгарма угабыз. Баарыбыз көзүбүздү жумуп, бул чыгарманы угууда эмнелерди көрө алдык, айтып беребиз.

Музыка уктуруу: С. Момбеков «Аппак кар».

М: Кана, айткылачы, силер бул музыканы угууда эмнелерди көрө алдыңар? Аларды айтып бергиле.

Окуучулар музыканы угуп, элестетүү аркылуу эмнелерди көргөндөрүн айтып беришет.

Ырды үйрөтүү: «Аппак кар».

www.bizdin.kg

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

1. Силер музыканы угууда эмнелерди көрө алдыңар?
2. Биз музыканы көрө алабызбы?
3. «Аппак кар» аттуу ырды ким жазган?
4. Акындын оюн композитор көрсөтө алдыбы?
5. Ыр кандай мүнөздө жазылган?

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Үйгө тапшырма:

- «Аппак кар» ырына сүрөт тартып келүү;
- Ырларды кайталоо.

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

2-сабак

Көргөзмөдөгү сүрөттөргө музыка

Сабактын максаты:

- Көргөзмөдөгү сүрөттөргө жазылган музыка тууралуу окуучуларга түшүндүрмө берүү. Алардын музыкасынын өзгөчөлүктөрү, айырмачылыктары жөнүндө окуучулар өзүлөрүнүн ой толгоолорун айтып бере алышына багыт берүү.
- Көргөзмөдөгү сүрөттөргө жазылган музыкалар боюнча түшүнүгүн кеңейтип, аны кабылдай билүүсүнө тарбиялоо.
- Көргөзмөдөгү сүрөттөргө жазылган музыкалар боюнча өз алдынча ой толгоп, айтып берүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү.

Сабактын жабдылышы:

- Элдик музыкалык аспаптар (комуз, темир ооз комуз, кыл кыяк, чоор ж. б.), фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.
- Атактуу музыканттардын жана композиторлордун портреттери, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

- Чейректин темасы: Биз музыканы көрө алабызбы?
- Сабактын темасы: Көргөзмөдөгү сүрөттөргө музыка.

Сабактын жүрүшү:

Мугалим өткөн сабакты кайталоо менен бирге, жаңы сабактын темасы жана анын максаты менен окуучуларды тааныштырат. Тема жөнүндө кеңири түшүнүк беришет.

www.bizdin.kg

М: Балдар, силер көргөзмөдө болдуңар беле? Ал жерден кандай сүрөттөрдү көрдүңөр? Ал сүрөттөр жөнүндө айтып бере аласыңарбы?

Окуучулар жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

М: Көргөзмөдөн биз сүрөтчүлөрдүн ар түрдүү темада тартылган сүрөттөрүн көрөбүз. Кай бир сүрөттөргө биздин композиторлор музыка жаратышкан.

(Мугалим бул тема боюнча окуучуларга кеңири маалымат берет.)

М: Сүрөтчү менен композитордун ортосунда кандай байланыш бар? Композитор көргөн сүрөтүнө кандай боёктордү пайдаланган?

Окуучулар жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Мугалим «Жайлоодо» аттуу күүнү уктуруп, ал чыгарма боюнча талдоо жүргүзөт.

Музыка уктуруу: «Жайлоодо».

М: Бул музыка силерге кандай таасир берди? Музыканы угууда эмнелерди элестетип көрө алдыңар? Сүрөтчү С. Чуйков өзүнүн «Күзгү жайлоо» сүрөтүндө жаратылыштын кооздугун көрсөтө алдыбы? Ал эми композитор өзүнүн чыгармасында жайлоону кандай чагылдырган?

Окуучулар жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Ырдоо: «Аппак кар» ыры.

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

1. Силер көргөзмөдөгү сүрөттөрдү элестете алдыңарбы?
2. «Күзгү жайлоо» сүрөтү боюнча оюңарды айтып бергиле.
3. Сүрөт менен музыканын кандай байланышы бар?
4. «Аппак кар» ыры эмне жөнүндө?
5. Ыр кандай мүнөздө жазылган?
6. Бул ырды угууда кандай боёктордү көрө алдыңар?

(Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.)

Үйгө тапшырма:

- Теманы кайталап келүү;
- «Аппак кар» ырын жаттоо.

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

3-сабак

Кыргыз саймалары музыкада

Сабактын максаты:

- Окуучуларды М. Бегалиевдин «Кыргыз саймалары» чыгармасы менен тааныштырып, ал жөнүндө окуучуларга жеткиликтүү түшүнүк берүү.

www.bizdin.kg

• М. Бегалиевдин музыкасы жөнүндө окуучулардын түшүнүгүн кеңейтип, аларды классикалык чыгармаларды түшүнө билүүгө тарбиялоо.

Сабактын жабдылышы:

• Элдик музыкалык аспаптар (комуз, темир ооз комуз, кыл кыяк, чоор ж. б.), фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.

• Атактуу музыканттардын жана композиторлордун портреттери, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Биз музыканы көрө алабызбы?

• Сабактын темасы: Кыргыз саймалары музыкада.

Сабактын жүрүшү:

М: Биз силер менен өткөн сабакта «Көргөзмөдөгү сүрөттөргө музыка» деген теманын үстүндө иш жүргүзгөнбүз. Ал эми бүгүнкү сабакта «Кыргыз саймалары музыкада» аттуу темада маек курабыз» (Мугалим кыргыз саймалары жана анын музыкада чагылдырылышы жөнүндө окуучуларга кеңири маалымат берет).

М: Силердин үйүңөрдө кыргыз саймалары барбы? Ал саймалар эмнелерди сүрөттөйт? Саймаларды карап, силер музыканы уга аласыңарбы? (Окуучулар жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.)

М: Мисалы, элибиздин белгилүү композитору М. Бегалиев бул саймалардан музыканы уга алган. Ал өзүнүн «Кыргыз саймалары» чыгармасында кыргыз саймаларын өтө кооздоп сүрөттөгөн. Азыр биз баарыбыз көзүбүздү жумабыз да, музыканы угуу менен бирге саймаларды көрүүгө аракет кылабыз.

Музыка уктуруу: «Кыргыз саймалары», музыкасы М. Бегалиевдики.

М: Кана, балдар, силер кандай саймаларды элестете алдыңар? Музыка силерге эмне жөнүндө айтып берди жана силер кандай саймаларды көрө алдыңар? (Окуучулар жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.)

Ырды үйрөтүү: «Байчечекей жакшы гүл». Музыкасын жазган М. Бегалиев, сөзүн жазган Ш. Дүйшеев.

М: Ырда эмнелер жөнүндө айтылып жатат? Ырдын мүнөзү кандай?

Окуучулар берилген суроого жооп беришет.

М: Айткылачы, балдар, композитор М. Бегалиев жөнүндө эмнелерди билесиңер? (Окуучулар берилген суроого жооп беришет.)

М: Биз бул композитор жөнүндө экинчи жана үчүнчү класста сөз кылганбыз. (Мугалим М. Бегалиев жөнүндө кайталоо жүргүзөт. Анын чыгармачылыгы жөнүндө толук маалымат берет.)

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

1. Композитор М. Бегалиев жөнүндө эмнелерди билесиңер?

www.bizdin.kg

2. Композитордун «Кыргыз саймалары» чыгармасы боюнча кандай түшүнүк алдыңар?

3. Бул чыгармада эмнелер сүрөттөлгөн?

4. Чыгарма силерге жактыбы?

5. Биз ырдаган ырдын мүнөзү кандай?

6. Бул ырды ким жазган?

7. Бул ырды силер кандай боёк менен боёор элеңер?

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Үйгө тапшырма:

• М. Бегалиевдин чыгармалары жөнүндө айтып берүү;

• Ырды кайталоо.

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

4-сабак

Скульптураны карап, музыканы уга алабызбы?

Сабактын максаты:

• Скульптурага карап, музыканы көрө алабызбы? деген темада окуучуларга түшүндүрмө берүү. Тема жөнүндө окуучулар өзүлөрүнүн ой толгоолорун айтып бере алышына багыт берүү. Б. Бейшеналиева менен таанышуу.

• Тема боюнча окуучулардын түшүнүгүн кеңейтип, аны кабылдай билүүсүнө тарбиялоо.

• Окучуунун чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү.

Сабактын жабдылышы:

• Элдик музыкалык аспаптар (комуз, темир ооз комуз, кыл кыяк, чоор ж. б.), фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.

• Атактуу балерина Бүбүсара Бейшеналиеванын сүрөтү, композиторлордун портреттери, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана наталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Биз музыканы көрө алабызбы?

• Сабактын темасы: «Скульптураны карап, музыканы уга алабызбы?»

Сабактын жүрүшү:

Мугалим өткөн сабакты кайталоо менен бирге жаңы сабактын темасы жана анын максаты менен окуучуларды тааныштырат. Тема жөнүндө кененирээк түшүнүк беришет.

www.bizdin.kg

М: Биз бүгүн сабакта «Скульптураны карап, музыканы уга алабызбы?» деген темада сөз кылабыз. Силер борбор калаабыздагы опера жана балет театрынын алдындагы скульптураны көрдүңөр беле? (Окуучулар берилген суроого жооп беришет.)

М: Бул скульптура элибизге белгилүү, кыргыз балет искусствосунун негиз салуучуларынын бири Бүбүсара Бейшеналиева эжебизге таандык. Бул скульптураны карап турсаң, ал бийлеп жаткансыйт. (Мугалим окуучуларга Б. Бейшеналиеванын өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу кеңири маалымат берет).

М: Бүбүсара Бейшеналиева ким болгон? Аны хореографиялык окуу жайына ким алып келген? Ал кайсы балеттерде бийлеген? «Ак куулардын Айдың-Көл» балетинде балерина кимдин ролун ойногон?

Окуучулар берилген суроого жооп беришет.

М: Биз бүгүн бул балет жөнүндө маек кылабыз. (Мугалим «Ак куулардын Айдың-Көл» балети жөнүндө окуучуларга кеңири маалымат берет.)

М: Бул балетти ким жазган? Балеттин негизги карманы ким? Бүбүсара Бейшеналиева Чолпондун образын кандай чагылдырган?

Окуучулар берилген суроого жооп беришет.

Мугалим: «Кичинекей ак куулардын бийи» аттуу чыгармасын уктуруп, ал чыгарма боюнча мүнөздөрүн аныктоолор жүргүзүлөт.

Музыка уктуруу: «Кичинекей ак куулар бийи» П. Чайковскийдин «Ак куулардын Айдың-Көл» балетинен.

Ырдоого: «Байчечекей жакшы гүл».

М: «Ак куулардын Айдың-Көл» балетин орустун улуу композитору П. И. Чайковский жазган. (Мугалим композитордун өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө кеңири маалымат берет.)

М: П. И. Чайковский ким болгон? Анын кандай чыгармаларын билесиңер? Ал өзүнүн чыгармаларында эмнелерди сүрөттөгөн?

Окуучулар берилген суроого жооп беришет.

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

1. Биз скульптураны карап, музыканы уга алабызбы?
2. Скульптурада музыканы көрө алабызбы?
3. Китебиңердеги скульптура кимдики?
4. Скульптура менен музыканын байланышы барбы?
5. «Ак куунун» бийин ким аткарган?

(Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.)

Үйгө тапшырма:

• Б. Бейшеналиеванын скульптурасы жөнүндө айтып берүү;

www.bizdin.kg

• Ырды кайталоо.

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

5–6-сабактар

П. И. Чайковскийдин «Ак куулардын Айдың-Көл» балети

Сабактын максаты:

• Композитор П. Чайковскийдин чыгармачылыгы жана «Ак куулардын Айдың-Көл» балети менен окуучуларды тааныштыруу.

• Окуучуларды классикалык музыканы угуу көндүмдөрүнө тарбиялоо.

Сабактын жабдылышы:

• Фортепиано, аккордеон, музыкалык центр, сабакта уктуруулучу жана аткарылуучу чыгармалар жазылган дисктер.

• Композитордун портрети, уктурулуучу чыгармаларга тиешелүү иллюстрациялар, көрсөтмө каражаттар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Биз музыканы көрө алабызбы?

• Сабактын темасы: П. Чайковскийдин «Ак куулардын Айдың-Көл» балети

Сабактын жүрүшү.

М: Бүгүн, балдар, биз сабакта орус элинин улуу композитору П. Чайковскийдин чыгармачылыгы менен таанышабыз. Орус музыкасында бул композитор орчундуу орундуу ээлейт.

Музыка уктуруу: «Ак куулардын Айдың-Көл» балетинен үзүндү.

1. Силер бул чыгарманы угууда эмнени көрө алдыңар?
2. Музыка силерге жактыбы?
3. Музыканын мүнөзү кандай экен?

(Окуучулар жогоруда берилген суроолорго жооп беришет).

Ырды үйрөтүү (5-сабакта) жана аткаруу (6-сабакта): «Кечки жомок», музыкасы Ж. Кайыповдуку, сөзү Т. Кожомбердиевдики.

1. Ыр силерге жактыбы?
2. Ырда эмне жөнүндө айтылып жатат?
3. Ырдын мүнөзү кандай?

(Окуучулар жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.)

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

1. Композитор П. Чайковский жөнүндө эмнелерди билесиңер?
2 Композитордун кандай чыгармаларын билесиңер?
3. «Кечки жомок» аттуу ырды ким жазган?

www.bizdin.kg

4. Бул ырды аткарууда эмнелерди элестеттиңер?

5. Силер бул ырга сүрөттөрдү тартууда кандай боёкторду колдонор элеңер? (Окуучулар жогоруда берилген сүроолорго жооп беришет.)

Үйгө тапшырма:

• П. Чайковскийдин чыгармачылыгы жана «Ак куулардын Айдың-Көл» балети жөнүндө кайталап айтып берүү.

• Ырдын сөзүн жана обонун жаттап, аткарып берүү.

Музыкалык коштошуу.

7-сабак

К. Молдобасановдун «Саманчынын жолу» балет-ораториясы

Сабактын максаты:

• Ч. Айтматовдун жана К. Молдобасановдун «Саманчынын жолу» чыгармаларынын байланышы боюнча түшүнүк берүү. Жазуучунун жана композитордун чыгармаларынын байланыштары жөнүндө окуучуларга жеткиликтүү түшүнүк берүү боюнча билим берүү.

• «Саманчынын жолу» балет-ораториясын уктуруу аркылуу окуучуларды Ата Мекенди сүйүү жана аны коргоо, энени барктай билүүгө тарбиялоо.

Сабактын жабдылышы:

• Элдик музыкалык аспаптар (комуз, темир ооз комуз, кыл кыяк, чоор ж. б.), фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.

• Атактуу музыканттардын жана композиторлордун портреттери, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Биз музыканы көрө алабызбы?

• Сабактын темасы: «Саманчынын жолу» балет-ораториясы.

Мугалимдин сөздүгү:

• Бале́т (фр. ballet, итал. ballo – бийлеймин) – сахна искусствосунун бир түрү; музыкалык бийлөө аркылуу чыгарманын мазмунун чагылдыруу менен сахналаштырылган оюн. Көбүнчө балеттин негизин кандайдыр бир өзүнчө сюжет, драмалык ой, либретто түзөт. Кээде сюжети жок балеттер да болот. Балеттеги бийлердин негизги түрлөрү болуп, классикалык жана балетке мүнөздүү бийлер эсептелет. Мында пантомиманын мааниси да аз эмес. Ал аркылуу актёрлор каармандардын бири-бирине болгон сезимдерин, өз-ара мамилелерин, окуянын өтүшүн бере алышат.

www.bizdin.kg

• Орато́рия (латынча – oratorium, итальянча – oratorio) — хор, ырчылар жана оркестр үчүн жазылган көлөмдүү музыкалык чыгарма. Ораторияда балеттегидей сахналык кыймыл-аракеттер, бийлер болбойт. Ал, адатта сюжеттик тармактуу жана көлөмдүү келет. Ораториянын негизги мааниси — сахна эмес, эстрада. Ораторияны айтуучу алып барат. Ал эми монолог, диалогдорду өзүнчө каармандар аткарат. Акробатиканын элементтери кеңири колдонулат.

• Либретто (итальянча libretto – китепче) – бул музыкалык-сахналаштырылган чыгарманын негизинде жаткан адабияттык сөз саптары. Либреттону операнын, балеттин, опереттанын кыскача түшүндүрүлгөн мазмуну деп түшүнсөк болот.

Сабактын жүрүшү:

Мугалим окуучуларга жаңы тема боюнча түшүнүк берип, өткөн теманы кайталайт.

М: «Саманчынын жолу» балет-ораториясын кыргыздын белгилүү композитору Калый Молдобасанов жазган. (Мугалим «Саманчыны жолу» балет-ораториясы жөнүндө окуучуларга кеңири маалымат берет.)

М: Балдар, жазуучунун чыгармасында эмне жөнүндө айтылган? Композитор бул чыгармага кандай музыка жараткан? Эненин образы адабий чыгармада жана музыкалык чыгармада кандай чагылдырылган? Согуштун образы кандай чагылдырылган?

Окуучулар чыгарма боюнча өзүлөрүнүн ойлорун айтышат.

М: Ал эми ушул эле чыгарманы музыкалык көркөм каражаттар менен композитор кандай чагылдырган? (Окуучулардын көңүлүн буруп, өз ойлорун айтып берүүсүнө багыт берет.)

Мугалим: «Саманчынын жолу» балет-ораториясынан үзүндү уктуруп, анын мүнөзүнө аныктоолорду жүргүзөт. Жазуучунун чыгармасынан үзүндүлөрдү окуу менен, эки чыгарма боюнча ой толгоолорун айтышып, талкуу жүргүзүлөт.

Музыка уктуруу: «Саманчынын жолу» балет-ораториясы.

Ырдоого даярдоо (ырдоо алдында тулку бойду түз кармап, бүкүрөйбөй, түз олтуруп, туура дем алып, ийинди көтөрбөй, мугалимдин көрсөтмөсү боюнча тең баштап, тең аяктоо керек).

Ырды үйрөтүү: «Шайыр комузчу».

Окучуулар мугалимдин жардамы менен «Шайыр комузчу» аттуу ырды үйрөнүшөт. Ырдын сөздөрү менен тааныштырып, музыкасын бир нече ирет кайталап, окуучулар эстерине сактап калуу үчүн көмөк көрсөтөт.

М: Бул балет-ораторияны белгилүү композитор Калый Молдобасанов жазган. (Мугалим Калый Молдобасановдун чыгармачылыгы жөнүндө окуучуларга кеңири маалымат берет.)

М: К. Молдобасанов ким болгон? Анын кандай чыгармаларын билесиңер?

www.bizdin.kg

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

5. «Саманчынын жолу» балет-ораториясын ким жазган?
6. Бул балет-ораториянын негизинде кайсы чыгарма турат?
7. Бул адабий чыгарманы ким жазган?
8. Композитор эненин образын кандай чагылдырган?
9. Калый Молдобасанов жөнүндө эмнелерди билесиңер?
10. Ал балдар үчүн кандай ырларды жазган?
11. Ал ырлардын сөзүн кимдер жазат?

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Үйгө тапшырма:

• Жазучуунун жана композитордун «Саманчынын жолу» чыгармаларынын мазмунун кыскача айтып берүү.

• «Шайыр комузчу» ырын ырдоо.

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

8-сабак

Нооруз майрамы

Сабактын максаты:

• Нооруз майрамынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтып берүү.

• Нооруз майрам акындын ыр саптарында кандай мүнөздөлгөндүгү, сүрөтчүнүн тарткан сүрөтүндө ал кандай боёктор менен чагылдырылгандыгы, композитордун чыгармасында кандай берилгендиги тууралуу окуучулар менен аңгемелешүү, аларды улуттук майрамдарды барктай билишине тарбиялоо.

• Окуучу акындын ыр саптарын окуп, сүрөткө карап, музыканы угуп, аларда Нооруз майрамы кандай чагылдырылгандыгын өз алдынча ой толгоп, айтып берүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү.

Сабактын жабдылышы:

• Элдик музыкалык аспаптар (комуз, темир ооз комуз, кыл кыяк, чоор ж. б.), фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.

• Атактуу музыканттардын жана композиторлордун портреттери, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

www.bizdin.kg

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Биз музыканы көрө алабызбы?

• Сабактын темасы: Нооруз майрамы.

Сабактын жүрүшү:

М: Мына, балдар, Нооруз майрамы да келди. Бул майрамды бүткүл түрк жана иран элдери майрамдашат. (Мугалим окуучуларга Нооруз майрамы жөнүндө кеңири маалымат берет.)

М: Нооруз майрамы эмнеси менен өзгөчөлөнөт? Ал кайсы мезгилде майрамдалат? Бул күнү кандай улуттук тамак-аштар даярдалат? (Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.)

М: Жазда дагы кайсы майрамдар бар?

Окуучулар жаз майрамдары (8-март, Нооруз) жөнүндө окуучулар өздөрүнүн ойлорун айтышат.

Мугалим жаз майрамдары жана Нооруз майрамы жөнүндө тереңирээк маалымат берип, акындын, сүрөтчүнүн композитордун чыгармаларында чагылдырылышы жөнүндө ой толгоолору жана түшүнүктөрү боюнча суроолор, баарлашуулар болот. Андан соң окуучулардын китебиндеги Нооруз майрамы жөнүндө акындын ыр саптары окулат. Окуучулар ыр саптарынын мазмуну жөнүндө айтышат. Нооруз майрамы жөнүндөгү сүрөткө окуучулардын көңүлүн бурып, өз ойлорун айтып берүүсүнө багыт беришет.

Музыка уктуруу: «Нооруз майрам», музыкасы Г. Эсенгулованыкы.

Мугалим «Нооруз майрам» чыгармасын уктуруп, анын мүнөзүнө аныктоолор жүргүзүлөт. Ыр саптарында, сүрөттө, музыкада Нооруз майрамынын чагылдырылышы жөнүндө түшүнүк беришет.

Ырды аткаруу: «Шайыр комузчу».

Ырды үйрөтүүгө: «Нооруз майрам», музыкасы жана сөзү Г. Эсенгулованыкы.

Мугалимдин жардамы менен «Нооруз майрам» аттуу ырды үйрөнүшөт. Ырдын сөздөрү менен тааныштырып, музыкасын бир нече ирет кайталап, окуучулар эстерине сактап калуу үчүн көмөк көрсөтөт. Ырды кол белгилери жана ритмикалык аккомпанемент менен ырдашат.

М: Жаңы жылды башка мамлекеттерде кайсы мезгилде майрамдашат? Нооруз менен башка өлкөлөрдөгү жаңы жылдын кандай өзгөчөлүктөрү бар?

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

1. Нооруз кандай майрам?
2. Бул майрамды кимдер майрамдашат?
3. Ал кандай майрамдалат?
4. Ыр саптарынан бул майрам тууралуу кандай түшүнүк алдыңар?
5. Сүрөтчүнүн тарткан сүрөтү Нооруз майрамын кандай чагылдырган?

www.bizdin.kg

6. Ал эми композитордун Нооруз майрамы жөнүндөгү чыгармасын угуп, кандай сезимде болдуңар?

7. Бул үч чыгарманын мүнөздөрү кандай?

8. Алардан айкалышуу, окшошууларды байкай алдыңарбы?

9. Ыр кандай мүнөздө жазылган?

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Үйгө тапшырма:

• Нооруз майрамы жөнүндө ыр саптарын окуп, сүрөткө карап, музыканы угуп, алардын мазмуну жөнүндө кыскача айтып берүү;

• «Нооруз майрам» аттуу ырын ырдоо.

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

9-сабак

Чейректик жыйынтык сабак

Сабактын максаты:

• Суроо-жооп аркылуу үчүнчү чейректе өтүлгөн темаларды кайталоо.

• Үчүнчү чейректе ырдалган ырларды аткаруу.

Сабактын жабдылышы:

• Фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, видео, аудио жазылмалар, слайддар.

• Музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Биз музыканы көрө алабызбы?

• Сабактын темасы: Чейректи жыйынтыктоо.

Сабактын жүрүшү:

М: Мына, балдар, үчүнчү чейрегибиз да аягына чыкты. Чейректе «Биз музыканы көрө алабызбы? – деген жалпы теманы өздөштүрдүк. Бул чейректе биз кыргыз жазма музыкалык маданияты менен таанышып, композиторлук чыгармалардан уктук. Композитордук музыка менен элдик музыканын кандай айырмачылыктары бар? Композиторлордун чыгармалары силерге жактыбы? (Мугалим мурунку сабакта уктурулган чыгармалардан окуучуларга коюп берүү менен викторина уюштурат.)

Окуучулар мугалим кезеги менен уктурууга коюп берген чыгармалардын аттарын жана авторун таап айтып беришет. Чейрек ичи өтүлгөн темаларды ирети менен кайталоо жүргүзүлөт.

www.bizdin.kg

Чейрек ичи өздөштүрүлгөн ырларды кайталоо. Концерттик аткаруучулук деңгээлге жеткирүүнүн үстүндө иштөө.

Жыйынтыктоо:

Мугалим сабакка жыйынтыктоо жүргүзөт.

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

10-сабак

Майрамдык концерт-сабагы

Сабактын максаты:

• Чейрек ичи өздөштүрүлгөн чыгармалардан түзүлгөн концерттик программаны аткаруу менен, окуучулардын аткаруучулук шык-жөндөмдүүлүктөрүн, чеберчиликтерин көрсөтүү. Ата-энелерге, мугалимдерге өз өнөрлөрүн тартуулоо.

Сабактын жабдылышы:

• Фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, видео, аудио жазылмалар, слайддар.

• Музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Сабакты уюштуруу:

• Музыканын коштоосунда класска кирүү (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

• Музыкалык саламдашуу.

Концерт-сабактын жүрүшү:

М: Урматтуу ата-энелер! Бүгүн сиздердин назарыңыздарга биздин окуучулар чейрек ичи алган билиминин, өздөштүрүлгөн ырларынын жыйынтыгын көрсөтөлү деп турушат. Өзүлөрүнүн өнөрлөрүн, шык -жөндөмдүүлүктөрүн, аткаруучулук чеберчиликтерин көрсөтүү менен, өздөштүрүп алган ырларынан турган чакан концертин тартуулайт:

Концерттик программа:

1. Аппак кар.
2. Элкин-Тоо
3. Байчечекей жакшы гүл.
4. Кечки жомок.
5. Шайыр комузчу.
6. Нооруз майрам.

Жыйынтыктоо:

Мугалим чейректик концерт-сабагын жыйынтыктайт.

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

www.bizdin.kg

ЖИВОПИСТИ УГА АЛАБЫЗБЫ?

1-сабак

Музыканы сүрөттөп берген живопись

Сабактын максаты:

• «Музыканы сүрөттөп берген живопись» темасын улантуу менен, «Токтогул эл арасында» сүрөтү тууралуу окуучуларга түшүндүрмө берүү. Тема боюнча окуучулар өзүлөрүнүн ой толгоолорун айтып бере алышына багыт берүү. Бул сүрөттүн берилиши аркылуу музыканы элестөө менен угуу сезимин калыптандыруу.

Сабактын жабдылышы:

• Элдик музыкалык аспаптар (комуз, темир ооз комуз, кыл кыяк, чоор ж. б.), фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.

• Атактуу музыканттардын жана композиторлордун портреттери, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Живописти уга алабызбы?

• Сабактын темасы: Музыканы сүрөттөп берген живопись.

Музыкалык сөздүк:

• Төкмө акын – бул элдик кесиптик ырчы-акын, композитор, музыкант-аткаруучу, актёр. Төкмөлүк (импровизация) – латынча Improvises – күтүлбөгөн жерден дегенди түшүндүрөт.

• Төкмөлүк (төгүп ырдоо, импровизация) – бул мурда билбей туруп, күтүлбөгөн жерден ыр тизмектерин тизип, ошол эле учурда ырдоо.

Сабактын жүрүшү:

Жаңы тема менен окуучуларды тааныштыруу менен бирге өткөн теманы кайталоо.

М: Биз бүгүн сабакта музыканы сүрөттөп берген живопись жөнүндө сөз кылабыз. Тоодон аккан булактын жээгинде, аска-зоону этектей орун алган кичинекей үйдө Токтогулдун үй-бүлөсү жашаган. Музыкага өзгөчө шыгы бар жаш баланын үй-бүлөсү кедей болгондуктан, малай болуп иштөөгө маш болот. (Мугалим Токтогулдун өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө кеңири маалымат берет.)

www.bizdin.kg

М: Токтогул ким болгон? Токтогулдун балалыгы кайсы жерде өткөн? Токтогулду төкмө акын деп айта алабызбы?

Окучуулар жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Музыка уктуруу: Токтогулдун «Чоң кербез» күүсү.

Ырдоого даярдоо (ырдоо алдында тулку бойду түз кармап, бүкүрөйбөй, түз олтуруп, туура дем алып, ийинди көтөрбөй, мугалимдин көрсөтмөсү боюнча тең баштап, тең аяктоо керек).

Ырдатуу үчүн: «Токтогулдун кербези», музыкасын жана сөзүн жазган Токтогул.

М: Токтогул Сатылгановдун өмүрү жана чыгармачылыгы көптөгөн сүрөтчүлөрдү кызыктырган. Мисалы, С. Чуйков «Токтогул эл арасында» деген сүрөтүн тарткан. Бул сүрөттө ал Токтогулдун өз жерине келип, эл менен сүйлөшүп жатканын сүрөттөгөн.

М: Живопись жөнүндө эмнелерди айтып бере аласыңар? С. Чуйков эмне үчүн Токтогулдун сүрөтүн тарткан? Бул сүрөттү карап, кандай музыканы элестете алдыңар? (Окучуулар жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.)

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

1. Токтогул Сатылганов ким болгон?
2. Төкмө акын дегендер ким?
3. Токтогул кайсы жерде төрөлгөн?
4. Айтышта кимди жеңип чыккан?
5. Токтогулду кайсыл сүрөтчүлөр чагылдырган?
6. Ал сүрөттөрдү карап, биз музыканы уга алабызбы?
7. «Кербезим» ыры кандай мүнөздө жазылган?

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Үйгө тапшырма:

• Токтогул жөнүндө айтып берүү;

• «Кербезим» аттуу ырын ырдоо.

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

2-сабак

Жыл мезгилдери музыкада жана живописте

Сабактын максаты:

• А. Малдыбаевдин «Жыл мезгилдери» түрмөгү менен тааныштырып, анын музыкада жана живописте чагылдырылышы жөнүндө окуучуларга жеткиликтүү түшүнүк берип окутуу.

www.bizdin.kg

• Жыл мезгилдеринин музыкада жана живописте чагылдырылышы жөнүндө окуучулардын түшүнүгүн кеңейтип, жаратылышты коргоого тарбиялоо.

Сабактын жабдылышы:

• Фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.

• Атактуу музыканттардын жана композиторлордун портреттери, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Живописти уга алабызбы?

• Сабактын темасы: Жыл мезгилдери музыкада жана живописте.

Сабактын жүрүшү:

М: Окуучуларды ырдоого үндөрүн даярдоо үчүн ырдоо көнүгүүлөрүн мугалимдин жардамы менен аткаруу. Көнүгүүлөрдөн соң өткөн сабактагы өздөштүрүлгөн материалдарды кайталоо жүргүзүлөт.

Жаңы теманы өтүү:

Мугалим сабактын темасы жана анын максаты менен окуучуларды тааныштырат. Жыл мезгилдеринин музыкада жана живописте чагылдырылышы жөнүндө түшүнүк беришет.

Окуучулар тема боюнча өзүлөрүнүн ойлорун айтышат.

Музыка уктуруу:

М: П. Чайковскийдин «Жыл мезгилдери» түрмөгүнөн «Апрель», «Июль», «Октябрь», «Февраль» ж. б. жана «Күз ыры» чыгармаларынан уктуруп, ал чыгармалар боюнча мүнөздөрүн аныктоолор жүргүзүлөт.

Окуучулар чыгармалар жөнүндө өз ойлорун айтышат.

Ырды үйрөнүү: «Жазгы жамгыр», мүнөзүн келтире ырдоонун үстүндө иштөө.

Талкуулоо үчүн суроолор:

• А. Малдыбаевдин «Жыл мезгилдери» түрмөгүн мүнөздөп бергиле.

• «Күз ыры» чыгармасын угуп, кандай сезимге ээ болдуңар?

• «Жазгы жамгыр» кандай чыгарма? Чыгармалар силерге жактыбы?

Жаңы теманы жыйынтыктоо:

М: Өтүлгөн теманы окуучулар толук түшүнгөндүгүн текшерүү үчүн ирети менен кайталоо жүргүзүлөт. Темага байланыштуу ыр саптарын окуп чыгышып, сүрөттөргө жана уктурулган музыкага талкуу жүргүзүшөт. Мугалимдин суроолоруна өз ойлорун айтуу менен жооп беришет.

Үйгө тапшырма:

• уктурулган «Күз ыры» чыгармасы жөнүндө кыскача айтып берүү;

• «Жазгы жамгыр» чыгармасын ырдоо;

• өтүлгөн тема боюнча ата-энелерге, досторуңарга айтып бергиле. Алар менен баарлашкыла.

www.bizdin.kg

3-сабак

Жеңиш күнү

Сабактын максаты:

• Бул тема тууралуу окуучуларга түшүндүрмө берүү. Тема боюнча окуучулар өзүлөрүнүн ой толгоолорун айтып бере алышына багыт берүү. Жеңиш күнү жөнүндө окуучуларга маалымат берүү. «Жеңиш күнү» темасындагы сүрөттүн берилиши аркылуу музыканы элестөө менен угуу сезимин калыптандыруу.

Сабактын жабдылышы:

• Фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.

• Атактуу музыканттардын жана композиторлордун портреттери, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Живописти уга алабызбы?

• Сабактын темасы: Жеңиш күнү.

Сабактын жүрүшү:

М: Балдар, силер Ата Мекендик согуш жөнүндө эмнелерди билесиңер? Согуш биздин элибизге көптөгөн жоготууларды алып келди. Мисалы: Чыңгыз Айтматовдун «Саманчынын жолу» чыгармасын эстегилечи? Толгонай апа ошол катуу согушта бүт үй-бүлөсүнөн ажырабады беле. (Мугалим окуучуларга Ата Мекендик согуш жөнүндө маалымат берет.)

М: Ата Мекендик согуш канчанчы жылдары болгон? Силердин үй-бүлөдө ардагерлер барбы? Силер согуш жөнүндө кандай ырларды билесиңер?

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

М: Силер Б. Харитоновдун «Жеңиш күнү» ырын билесиңерби? Бул ырды билбеген адамды табыш кыйын. (Мугалим «Жеңиш күнү» ырынын тарыхый жаралышы жөнүндө окуучуларга айтып берет.)

Музыка уктуруу: Д. Тухманов «Жеңиш күнү».

М: Бул ырды силер кайсы майрамдарда көбүрөөк угасыңар?

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

М: Балдар, силер «Жеңиш күнү» чыгармасын уктуңар. Ал эми Улуу жеңишке элибиздин залкар комузчулары да кайрылышкан. Алсак, Ы. Туманов «Жеңиш», «Чабуул», Ч. Иманкулов «Кубаныч» ж. б. (комуз күүлөрүнөн үзүндүлөрдү угушуп, окуучулар талдоо жүргүзүшүп баарлашат.

www.bizdin.kg

Ырды үйрөнүүдө адеп ырдын сөзүн кунт коюп окуп чыгып, андан соң ар бир кайрыгын өзүнчө кайталап үйрөнөбүз.

Ырды үйрөтүү: «Жеңиш күнү», музыкасы жана сөзү М. Касейдики.

М: Ырда эмнелер жөнүндө айтылып жатат? Ырдын мүнөзү кандай?

Окуучулар берилген суроого жооп беришет.

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

1. «Жеңиш күнү» кайсы айда майрамдалат?
2. Ата Мекендик согуш канча жылга созулган?
3. Согуш жөнүндө кайсы ырларды билесиңер?
4. «Жеңиш күнү» ырын ким жазган?
5. Ал кандай мүнөздө жазылган?

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Үйгө тапшырма:

• Согуш темасына сүрөт тартып келүү;

• Ырды кайталоо.

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

4-сабак

«Күн балдары» К. Эралиева

Сабактын максаты:

• «Күн балдары» ырынын сөзүнө көңүл буруп, тема боюнча сүрөттү көрүү менен элестетүү сезимин калыптандыруу. Окуучуларды Каныкей Эралиеванын чыгармачылыгы менен тааныштыруу.

• Окуучуларды К. Эралиеванын музыкасын уктуруу аркылуу адептүүлүккө, патриоттуулукка тарбиялоо.

• Окуучулардын угуу жөндөмдүүлүгүн калыптандыруу.

Сабактын жабдылышы:

• Элдик музыкалык аспаптар (комуз, темир ооз комуз, кыл кыяк, чоор ж. б.), фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.

• Атактуу музыканттардын жана композиторлордун портреттери, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Живописти уга алабызбы?

• Сабактын темасы: Каныкей Эралиева.

www.bizdin.kg

Сабактын жүрүшү:

Мугалим жаңы сабактын темасы жана анын максаты менен окуучуларды тааныштырат. Үйгө берилген тапшырманы кайталайт.

М: Бүгүн сабакта элибизге белгилүү композитор Канымкей Эралиеванын чыгармачылыгы менен таанышабыз. 1980-жылдары Тогуз-Торо районуна бор-бордон алыскы тоолордо эмгектенген малчылар үчүн концерттик программасы менен чыгармачыл коллектив барган. Алардын арасында музыканттар, акындар, сүрөтчүлөр, белгилүү ырчылар бар эле. Концерт кечинде башталды. Эл көп чогулуп, алардын алдына улам бир аткаруучу өзүнүн өнөрүн көрсөтүп жатты. Кийинки чыгарманы аткаруу үчүн элдин алдына ошол кездеги Б. Бейшеналиева атындагы искусство институтунун студенткасы Канымкей Эралиева чыкты. Жаш ырчы биринчи ырын ырдап бүткөндөн кийин нөшөрлөгөн катуу жаан башталды. Канымкей эмне кыларын билбей, элди карады. Алар ордунан козголгон жок. Канымкей элди карап жылмайып, дагы бир нече ырын аларга тартуулады. Ушул татынакай кыргыздын таланттуу кызы, азыркы күндө элге кеңири белгилүү композитор, ырчы, «Кыргыз Республикасынын артисти» деген наамга татыктуу болгон.

М: 1. Канымкей Эралиеванын чыгармачылыгы жөнүндө эмнени айтып бере аласыңар?

2. Музыкасы жок болсо, бул ырдын тексти кандай болор эле?

3. Композитордун силер үчүн жазылган дагы кандай ырларын билесиңер? (Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.)

М: К. Эралиева Нарын облусуна караштуу Ак-Талаа районунда туулган (мугалим композитордун чыгармачылыгы жөнүндө окуучуларга кеңири маалымат берет).

М: 1. К. Эралиева кайсы окуу жайларда окуган?

2. Ал кандай жанрдагы чыгармаларды жазган?

3. Анын кандай ырларын билесиңер?

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Музыка уктуруу: «Күн балдары».

Ырдоого даярдоо (ырдоо алдында тулку бойду түз кармап, бүкүрөйбөй, түз олтуруп, туура дем алып, ийинди көтөрбөй, мугалимдин көрсөтмөсү боюнча тең баштап, тең аяктоо керек).

Ырды үйрөтүү: «Күн балдары».

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

- Канымкей Эралиева жөнүндө айтып бергиле.
- Анын бала чагы кайсы жерде өткөн?
- Канымкей кичине кезинде кайсы музыкалык аспапта ойногон?

www.bizdin.kg

• К. Эралиева музыка менен кошо кайсы жанрга кайрылган?
• Ал балдар үчүн кандай чыгармаларды жазган?
• «Күн балдары» ыры эмне жөнүндө?
• Ыр кандай мүнөздө жазылган?

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Үйгө тапшырма:

• К. Эралиева жөнүндө окуп келүү;
• «Күн балдары» ырын ырдоо.

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

5–6-сабактар

Музыкалык көркөм каражаттар

Сабактын максаты:

• Окуучуларды музыкалык көркөм каражаттар менен тааныштырып, алар жөнүндө окуучуларга жеткиликтүү түшүнүк берип окутуу. Атай Огонбаевдин чыгармачылыгы менен тааныштыруу.

• Музыка уктуруу аркылуу окуучуларды айлана-чөйрөгө болгон көз карашын кеңейтип, жаратылышты коргоого жана сулуулукту көрө билүүгө тарбиялоо.

Сабактын жабдылышы:

• Фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.

• Атактуу музыканттардын жана композиторлордун портреттери, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Живописти уга алабызбы?
• Сабактын темасы: Музыкалык көркөм каражаттар.

Сабактын жүрүшү:

Мугалим Өткөн сабакты кайталоо менен бирге жаңы тема менен таанышырат. Балалык – адамдын жашоосундагы эң түйшүксүз мезгили. Мына ушундай түйшүксүз, кубанычтуу сезимдерди чагылдырган чыгарма Чыңгыз Айтматовдун «Бетме-бет» повестине карата жазылган В. Г. Рогачевдун «Балалык» иллюстрациясы болуп саналат. (Мугалим бул иллюстрация жөнүндө окуучуларга кеңири маалымат берет.)

М: Бул иллюстрацияда силер эмнелерди көрүп жатасыңар?

www.bizdin.kg

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Музыка уктуруу: А. Огонбаев «Маш ботой».

М: Биз силер менен азыр Атай Огонбаевдин «Маш ботой» күүсүн угабыз. Бул күүнү угууда эмнелерди элестете алдыңар?

М: «Маш ботой» күүсүн угуп, силерде кандай сезимдер пайда болду? Эмнелерди элестете алдыңар?

Окуучулар берилген суроолорго жооп беришет.

Ырдоого даярдоо: ырдоо алдында тулку бойду түз кармап, бүкүрөйбөй, түз олтуруп, туура дем алып, ийинди көтөрбөй, мугалимдин көрсөтмөсү боюнча тең баштап, тең аяктоо керек.

Ырды аткаруу: «Күн балдары», музыкасы К. Эралиеванын, сөзү Ж. Мамытовдуку.

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

1. «Балалык» сүрөтүнүн автору ким?
2. «Маш ботой» күүсүнүн жаралышы жөнүндө айтып берүү.
3. В. Рогачевдун «Балалык» жана А. Огонбаевдин «Маш ботой» чыгармаларын салыштыргыла.
4. Атай Огонбаев ким болгон?
5. Биз ырдаган ыр кандай мүнөздө жазылган?
6. Бул ырдын автору ким?
7. Бул ырды силер кандай боёк менен боёор элеңер?

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Үйгө тапшырма:

- Музыкада колдонулуучу көркөм каражаттар жөнүндө айтып берүү;
- Ырды кайталоо.

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

7-сабак

«Тайды таптайм» С. Бактыгулов

Сабактын максаты:

- «Тайды таптайм» сүрөтү боюнча элестөөлөрдү, ой толгоолорду жүргүзүү менен, көркөм каражат аркылуу окуучулардын музыка уга билүү сезимдерин калыптандыруу. Сталбек Бактыгуловдун чыгармачылыгы менен тааныштыруу.
- С. Бактыгуловдун музыкасын уктуруу аркылуу окуучуларды классикалык чыгармаларды угуп, түшүнө билүүгө тарбиялоо.
- Окуучулардын чыгармачылык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү.

www.bizdin.kg

Сабактын жабдылышы:

• Элдик музыкалык аспаптар (комуз, темир ооз комуз, кыл кыяк, чоор ж. б.), фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.

• Атактуу музыканттардын жана композиторлордун портреттери, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Живописти уга алабызбы?

• Сабактын темасы: «Тайды таптайм» сүрөтү.

Сабактын жүрүшү:

Мугалим жаңы сабактын темасы жана анын максаты менен окуучуларды тааныштырат. Үйгө берилген тапшырманы кайталайт.

М: Бүгүн сабакта элибизге белгилүү композитор Сталбек Бактыгуловдун чыгармачылыгы менен таанышабыз. С. Бактыгулов Ысык-Ата районуна караштуу Кегети айылында туулган. Анын атасы, мектептин мугалими, жомоктор, уламыштар, элдик ыр-күүлөр аркылуу Сталбекти эли-жерин сүйүүгө, жаратылыштын кооздугун барктап, баалай билүүгө тарбияласа, апасы назик, жагымдуу үнү менен ырларды аткаруу аркылуу баласын музыкага кызыктырган. Ошол кезде Сталбектин үйүндө кичинекей эски патефон турчу эле. Ал эртели кеч грампластинкаларды коюп, Карамолдо, Ыбрай, Мыскал жана башка ырчылардын ыр-күүлөрүн уккандан тажачу эмес. Жаратылыштын кооздугуна суктанган Сталбек мектепте окуп жүргөн кезинде эле ыр саптарын жаза баштаган. Анын көптөгөн ырлары жана аңгемелери райондук, республикалык гезит беттеринде жарыяланган. Ал кичинесинен эле музыкага шыктуу бала болчу. Мектепте окуп жүргөн кездерде музыкалык ийримдерге катышып, өзүнүн өнөрүн көрсөтүп, мектеп, район аралык конкурстарда алдыңкы байгелерге ээ болгон.

М: 1. Сталбек Бактыгулов ким болгон?

2. С. Бактыгулов кандай чыгармаларды жазган?

3. Композитордун чыгармачылыгында музыка менен адабият кандай ролду ойногон?

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

М: 2005-жылы «Ала-Тоо симфониясы» коомдук музыкалык фонду кыргыз композиторлорунун бир катар симфониялык чыгармаларын АКШ өлкөсүнө сынакка жөнөткөн. Көптөгөн чыгармалардын арасынан Сталбек Бактыгуловдун «Үркүн» аттуу экинчи симфониясы комиссия тарабынан эң жакшы деп тандалып, ошол эле жылы тогузунчу ноябрда америкалык белгилүү композитор, дирижёр Чарльз Ансбахер А. Малдыбаев атындагы опера жана балет театрында П. И. Чайковский, Л. В. Бетховендин чыгармалары менен катар С. Бактыгулов-

www.bizdin.kg

дун экинчи симфониясын аткарып кеткен. Бул кыргыз музыкалык маданиятынын тарыхы үчүн зор окуя болду.

Музыка уктуруу: С. Бактыгуловдун «Үркүн» аттуу 2-симфониясы.

Ырдоого даярдоо (ырдоо алдында тулку бойду түз кармап, бүкүрөйбөй, түз олтуруп, туура дем алып, ийинди көтөрбөй, мугалимдин көрсөтмөсү боюнча тең баштап, тең аяктоо керек).

Ырды уктуруу жана аткаруу: «Тайды таптайм».

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

1. Сталбек Бактыгулов ким болгон?
2. Анын бала чагы кайсы жерде өткөн?
3. Ал кичине кезинде кайсы ырчыларды укчу эле?
4. С. Бактыгулов музыка менен кошо кайсы жанрга кайрылган?
5. Ал балдар үчүн кандай чыгармаларды жазган?
6. «Тайды таптайм» ыры эмне жөнүндө?
7. Ыр кандай мүнөздө жазылган?

Окуучулар мугалим менен бирдикте жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

Үйгө тапшырма:

• С. Бактыгулов жөнүндө окуп келүү;

• «Тайды таптайм» ырын ырдоо.

Музыкалык коштошуу (музыка мугалимдин тандоосу боюнча).

8-сабак

Искусствонун үч түрүнүн байланышы

Сабактын максаты:

• Искусствонун үч түрүнүн өз ара байланыштары жөнүндө окуучуларга жеткиликтүү түшүнүк берип, окутуу.

• Искусствонун үч түрү жөнүндө окуучулардын түшүнүгүн кеңейтип, аны кабылдай билүүгө тарбиялоо.

Сабактын жабдылышы:

• Фортепиано, аккордеон, DVD-борбору, мультимедиалык проектор.

• Атактуу музыканттардын жана композиторлордун портреттери, видео, аудио жазылмалар, слайддар, музыкалык жана ноталык адабияттар, көрсөтмө куралдар.

Доскада жазылуу:

• Чейректин темасы: Живописти уга алабызбы?

• Сабактын темасы: Искусствонун үч түрүнүн байланышы.

www.bizdin.kg

Сабактын жүрүшү:

Өткөн сабакты кайталоо менен бирге жаңы тема жөнүндө маалымат берилет.

М: Искусствонун музыка, адабият жана көркөм өнөр түрлөрү (живопись, графика, скульптура) бири-бири менен тыгыз байланышта болот. Алар адамдын жашоосун, жаратылыштын көркүн ачып берүүгө жардам беришет. (Мугалим окуучуларга искусствонун үч түрү жөнүндө кеңири маалымат берет.)

М: Искусствонун үч түрү жөнүндө эмнелерди айтып бере аласыңар?

Окуучулардын жообу.

Мурда уктурулган чыгармалар боюнча мүнөздөрүн аныктоолор жүргүзүлөт.

Окуучулар уктурулган чыгармалар боюнча өз ойлорун айтышат.

М: Эгер музыканы көңүл коюп уксак, биздин ой толгообузда ага шайкеш келген сүрөттөмөлөр бар. Бул көркөм өнөр же жаратылыштын сүрөтү болушу мүмкүн. (Мугалим окуучулар менен бул теманы талкуулашат.)

Музыка уктуруу: Мугалимдин тандоосу боюнча.

Ырдоого даярдоо: ырдоо алдында тулку бойду түз кармап, бүкүрөйбөй, түз олтуруп, туура дем алып, ийинди көтөрбөй, мугалимдин көрсөтмөсү боюнча тең баштап, тең аяктоо керек.

Ырды үйрөтүү: «Жазгы жамгыр».

Сабакты жыйынтыктоо жана бышыктоо үчүн берилген суроолор:

1. Искусствону үч түрү боюнча мүнөздөп бергиле.
2. Искусствонун үч түрүнүн өз ара байланыштарын айтып бергиле.
3. «Жазгы жамгыр» кандай чыгарма?
4. Уктурулган чыгармалар силерге жактыбы?
5. Чыгармаларды силер кандай боёктор менен боёор элеңер?

Окуучулар жогоруда берилген суроолорго жооп беришет.

М: Концертте аткарылуучу чыгармаларды кайталайбыз, эске салабыз! Окуучуларды ырдоого үндөрүн даярдоо үчүн, ырдоо көнүгүүлөрүн мугалимдин жардамы менен аткаруу.

М: Мына, балдар, окуу жылыбыз да аяктады. Биз жыл ичинде алган билимибизди, өздөштүргөн чыгармаларыбызды жыйынтыкташыбыз керек. Эмесе ата-энелерибизге даярдаган майрамдык чакан программалуу концертибизди тартуу кылабыз:

1. Р. Абдыкадыров «Биз окуган мектепте».
2. Молдобасан «Айкөл Манас».
3. Саякбай «Каныкейдин жомогу».
4. Токтогул «Токтогулдун кербези».
5. М. Бегалиев «Байчечекей жакшы гүл».
6. К. Молдобасанов «Шайыр комузчу».

www.bizdin.kg

7. С. Бактыгулов «Тайды таптайм».
8. К. Эралиева «Күн балдары».
9. Элдик ыр «Элкин-Тоо».
10. С. Айткеев. «Жазгы жамгыр».
11. М. Касей «Жеңиш күнү».
12. М. Касей «Ата Мекен».

М: Азаматсыңар, балдар! Концерттик чыгармалардын баарын эң жакшы аткардыңар. Эми алдыда силерди каникул күтүп турат. Каникулда көңүлдүү эс алгыла. Жакшы маанай менен биз силерди сентябрдын биринде күтөбүз.

www.bizdin.kg

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ГИМНИ

Сөзү Ж. Садыковдуку,
Ш. Кулуевдики

Музыкасы Н. Давлесовдуку,
К. Молдобасановдуку



www.bizdin.kg



Кайырма: Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колуңда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө.
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

Кайырма:

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап, урпактарга берели.

Кайырма:

www.bizdin.kg

Биз окуган мектепте

Сөзү А. Көчөрбаевдики Музыкасы Р. Абдыкадыровдуку



Биз окуган мектептин,
Айланасы кара бак.
Сергектенип күн сайын,
Сейилдейбиз аралап. } *2 жолу*

Селкинчектен асманга
Серпилебиз көкөлөп.
Кубангандан кол чабат
Күмүш канат көпөлөк. } *2 жолу*

Алма, өрүктөр желпинет,
Аба толкуп жел жүрсө.
Жайнап түшөт мөмөсү
Жайлоодогу мөндүрчө. } *2 жолу*

www.bizdin.kg

Айкөл Манас

(үзүндү)

Молдобасандын айтуусунда,
нотага түшүргөн М. Касей



Ээй! Баатыр Манас бабабыз,
Аккула минип балкайып.
Ала-Тоодой чалкайып,
Ат үстүндө заңкайып.
Арт жагынан карасаң,
Ак жолборстой түрү бар.
Маңдайынан карасаң,
Ажыдаардай сүрү бар ээй!

Кыйкырганда Манастын
Кырк миң шердей үнү бар.
Капталынан карасаң,
Кабыландай түрү бар.
Айкөл Манас келбети
Арыстандай сүрү бар.
Айкөл минген Аккула
Асыл тукум күлүк ал ээй!

www.bizdin.kg

Каныкейдин жомогу

(үзүндү)

Саякбайдын айтуусунда,
нотага түшүргөн М. Касей

Шашпай, салмактуу



www.bizdin.kg

Ээй! Чыркырап ыйлап буркурап,
Карагаттай кайран көз.
Камчы бою жаш кетип,
Бөдөнөдөй кайран көз.
Энеңден бөлөк-бөлөк жаш кетип.

Ой, кулунум, угуп ал,
Муңканганым Ак Сарай.
Кагылайын кулунум,
Муңумду мен айтайын.
Берен атаң өлгөндө,
Белдей калган сан дүйнө.
Казынаны алты арам,
Бөлгөндүгүн айтайын.

Абыке, Көбөш эки арам,
Мындан көрдүм сабоону.
Адыбай, Көлбай төрт арам,
Андан көрдүм талоону.
Чыйбыт да, Кочкор алты арам,
Мындан көрдүм камоону.
Таластан бери жөө тентип,
Качканымды айтайын ээй.

Ойго муну ала жүр,
Таласка ал конду эле.
Аргын кыргыз аралаш,
Ок өтпөгөн тон жасап,
Ойрон энең мен элем.
Муңдуу көзүм бир далай,
Муңумду айтам бир далай.
Элдин жайын айтайын.
Жылгындуу, Кең-Кол, Кең Талас,
Жердин жайын айтайын ээй!

www.bizdin.kg

Каныкейдин Тайторуну байгеге чабышы

(үзүндү)

Саякбайдын айтуусунда,
нотага түшүргөн М. Касей



www.bizdin.kg

Асыл энең Канықей
Дүрбү салып турду эле.
Чыгырыгын имерип,
Чын көзүнө жиберип.
Бурамасын имерип,
Булкуп көзгө жиберип.
Аттарга дүрбү салды эле,
Ат кабарын алды эле.
Кылтылдатпай бек кармап,
Кыдыра дүрбү салды эле ээй!

Кең кепенин четинде,
Берки Кырым бетинде.
Оргуп-оргуп чаң чыгат,
Оргуган чаңды көргөндө,
Энекеңден жан чыгат.
Абайлап артын караса,
Атасынын Ак тулпар,
Алыстап чуркап алыптыр.
Анын артын караса,
Чоң кашка тулпар чаңы экен.

Мунун артын караса,
Чоң күрөң сындуу мал экен.
Тегиз тиктеп караса,
Теминип камчы салыптыр.
Темиркандын төрт тулпар,
Тээ, узап чуркап алыптыр ээй!..

www.bizdin.kg

Сейтектин чоңоюшу

(үзүндү)

Дөөлөт Сыдык уулунун айтуусунда,
нотага түшүргөн М. Касей

Шашпай, салмактуу



www.bizdin.kg

…Ээй! Бирге жашы илинип,
Бир жашында билинип.
Кой көздөрү коюлуп,
Жандуу болуп тирилип.
Эки жашка келгенде,
Тили чыкты сөздөлүп.
Кызык кылык башталды,
Кылгандары өзгөрүп.
Үч жашына келгенде,
Бойго тарап күч толуп.
Төрт жашына келгенде,
Анда күчөп алдуулук.
Беш жашына барганда,
Бейпай салды баарына.

Чүрөк энең Сейтекке,
Он сегиз миң ааламды,
Адал менен арамды,
Жакшы менен жаманды,
Агы менен караны,
Узун менен кысканы,
Улуулардан нусканы,
Кандай болот жакыны,
Кандай болот душманы,
Баарын айтып чыкканы ээй!

Тогуз жашка келгенде,
Тынчып батпай элдерге.
Элге салык салдырбай,
Жарты тыйын алдырбай.
Жарды киши калтырбай,
Тегиз бөлүп жайма-жай.
Байдын алып байлыгын,
Жардыларга берди ай ээй!

Мына ошондо Эр Сейтек,
Карапайым калкына.
Олжо тапса орошон,
Теңдеп бөлдү жалпыга.
Байдын алган салыгын,
Калкка кайра бөлгөнү.
Теңчиликти, теңдикти,
Кылайын деп көздөдү.
Эр Семеңдин баласы,
Эл башкарып жөндөдү ээй!..

www.bizdin.kg

Мен кыргыздын уулумун

Музыкасы, сөзү Ш. Эсенгуловдуку



Уламалуу уясындай ыйык Нур-Күттүн,
Уюткулуу улут болуп үстүн тургуздуң.
Кыйындыкта оттой жанып, белин чечпеген,
Мен уулумун көз ирмебес баатыр кыргыздын.

Кайырма: Сыймыктанам, мактанам,
Бүт дүйнөгө жар салам,
Уулу болом нурдан бүткөн асыл кыргыздын.

Түпкүлүгүн түптөп бекем жашоо-турмуштун,
Түк буздурбай сактап боосун таза чындыктын.
Бүт чегилип түндүгүнө жылдыз кадаган,
Мен уулумун кут ширеткен чебер кыргыздын.

Кайырма:

www.bizdin.kg

Эне тил

Сөзү Ж. Садыковдуку

Музыкасы Т. Туркменовдуку



www.bizdin.kg



www.bizdin.kg



Ат ойноткон Ала-Тоонун кырында,
Ата-бабам анык жоокер чынында.
Ал эрдиктер эне тилде ыр болуп,
Жашап келет кылымдардан кылымга.

Кайырма: Атак-даңкы таш жарган
«Айкөл Манас» дастандан.
Агып чыккан булактар
Эне тилден башталган.

Алоолонуп, окшоп кызыл жалынга,
Ар намысым ойноп турат канымда.
Мен кыргызмын бешик ырдан торолгон,
Мен кыргызмын эне тилим барында.
Кайырма:

Аалам билип, дүйнө жүзү тааныган
Артык көрөм эне тилди баарынан.
Элди, жерди сүйгөндүгү чын болсо,
Эне тилин сүйүү керек ар улан.
Кайырма:

www.bizdin.kg

Ата Мекен

Музыкасы, сөзү М. Касейдики,
иштеп чыккан М. Ашырбаева



Байыр алып эзелтеден,
Баалай билип сактап келген,
Баркына биз жетели ал
Баа жеткис Ата Мекен,
Баа жеткис Ата Мекен.

Көк асаба желбиреткен,
Көкөлөтүп менин жергем.
Көөдөндү кубандырган,
Көөнөрбөс Ата Мекен,
Көөнөрбөс Ата Мекен.

Кымбат баалуу менин жергем,
Кылымдарды жашап келген.
Асылдыгы абдан бийик,
Ардактуу Ата Мекен,
Ардактуу Ата Мекен.

www.bizdin.kg

Жаңы жыл

Сөзү С. Жусуевдики Музыкасы Г. Ашымованыкы



Кел, жаңы жыл, келе бер,
Тынчтык нурун себе бер.
Бирге болсун биз менен
Биздин ата-энелер.
Бирге болсун биз менен
Биздин ата-энелер.

Элге берсин береке,
Жерге берсин береке.
Өркүндөсүн Ата Журт
Өзүң берген белекке.
Өркүндөсүн Ата Журт
Өзүң берген белекке.

Жыргап жаткан чагыбыз,
Окуп билим алабыз.
Арта берсин сен менен
Биздин таалай багыбыз.
Арта берсин сен менен
Биздин таалай-багыбыз.

www.bizdin.kg

Аппак кар

Сөзү Т. Чокиевдики

Музыкасы О. Турсуниязовдуку



Аппак, аппак айлана,
Жаап жатат кар кайра да.
Музду көздөй жөнөйлү,
Конькилерди байлана.
Музду көздөй жөнөйлү,
Конькилерди байлана

Тоого барып береги
Чана, лыжа тебели.
Тиет экен абыдан
Ден соолукка пайдасы.
Тиет экен абыдан
Ден соолукка пайдасы.

Аппак, аппак, аппак кар,
Ак кийинген бак-шактар.
Мелдештерге катышып,
Жеңсем деген максат бар.
Мелдештерге катышып,
Жеңсем деген максат бар.

www.bizdin.kg

Элкин-Тоо

Музыкасы, сөзү элдики



Элкин да, элкин, Элкин-Тоо (да),
Элкин бир тоого мен чыксам (а),
Элеси эрдин көрүнөт (а).
Элирип акыл-ой өскөн (а)
Энеси жердин көрүнөт.

Элкин да, элкин, Элкин-Тоо (да),
Элкин бир тоого мен чыксам (а),
Элеси кыздын көрүнөт (а),
Ээрчишип ойноп бир өскөн (а),
Элеси да элдин көрүнөт.

www.bizdin.kg

Байчечекей жакшы гүл

Сөзү Ш. Дүйшеевдики

Музыкасы М. Бегалиевдики



www.bizdin.kg



www.bizdin.kg



Байчечекей жакшы гүл,
Бакыт ырын жазчу гүл.
Жел ыргаса жайнаган,
Байчечекей жазгы гүл.

Кана, кана, канакей,
Карагыла анакей.
Бажырайып ачылган,
Байчечекей талакей.

www.bizdin.kg

Кечки жомок

Сөзү Т. Кожомбердиевдики Музыкасы Ж. Кайыповдуку



Тойго малын союптур,
Жакшы ат таап коюптур.
Ал баласы эр жетип
Айга барып конуптур.

Кайырма:

Ой-бой, бой-бой, ой кызык,
Жылдыздарды териптир,
Жерге кайтып келиптир.
Сурагандын баарына,
Эли-журтун кубантып,
Бирден жылдыз бериптир.

Аалам сырын билиптир,
Өчпөс чырак илиптир.
Ошол нурдан тараган
Зыр күйгөн ал электр.

Кайырма:

Жомок соңу мына ушул,
Алтын кызым, ай нурум,
Күмүш балам, күн нурум,
Төшөгүңө жата гой,
Жөлөгүм да, медерим,
Уктаар экен ким мурун.

www.bizdin.kg

Шайыр комузчу

Сөзү Б. Абакировдуку Музыкасы К. Молдобасановдуку



Комузум, комузум,
Тийгизгенде кол учун
«Шыңгырама», «Насыйкат»,
Шаңдуу чыгат добушуң.

Кайырма: Терип чертем,
Жанып чертем,
Минтип, минтип,
Мына минтип.

Комузум, комузум,
Жакшы сенин добушуң.
«Миң кыялды» сүйлөтүп,
«Камбарканды» сайратам.

Кайырма:

Чоң атам, чоң энем,
Күндө мени черттирет.
Чоң комузчу болот деп,
Эркелетет өпкүлөп.

Кайырма:

www.bizdin.kg

Нооруз майрам

Музыкасы, сөзү Г. Эсенгулованыкы

Шашпай, көңүлдүү



www.bizdin.kg



Токсондогу энем айтты,
Эстеп жаштык күндөрүн,
Нооруз күнү тагынгам дейт
Мончоктордун түрлөрүн.

Кайырма: Нооруз, Нооруз – эски майрам,
Жаңы доорго кыл кадам.
Бул майрамда болбосо экен
Кубанбаган бир адам.

Чертчи, ата, эски күүдөн,
Шаңдуу күүлөп комузуң.
Элге жакшы маанай берсин,
Күлкү берсин Ноорузум.

Кайырма:

Мына кайра жайнап күлдүң,
Нооруз – унут калганым.
Сени даңктап ырдайт, ырдайт
Бүгүн кыргыз балдарың.

Кайырма:

www.bizdin.kg

Токтогулдун кербези

Музыкасы, сөзү Токтогулдуку,
иштеп чыккан А. Малдыбаев



Эки кабат (а) кыл аркан,
Элик сурдун (а) кермеси.
Эл ичинде (а) сайраган,
О деги, Токтогулдун (а) кербези.
Эсил бир жашың (и) өткөн соң (а),
Кайран жаш,
Эстесең кайра (и) келбеспи (а-ий).

Бура тарткан (а) кыл аркан,
Буурул аттын (а) кермеси.
Мукам-мукам (а) сайраган,
Ошо бир булбул Токоң (а) кербези,
Бул жарык дүйнөдөн өткөн соң (а),
Кайран жаш,
Кайрылып эки (и) келбеспи (а-ий).

www.bizdin.kg

Жазгы жамгыр

Сөзү А. Дегенбаеваныкы

Музыкасы С. Айтикеевдики



www.bizdin.kg



www.bizdin.kg



Шибер гүлдү сергитип,
Жаап кайра басылат.
Жазгы жамгыр боёгун
Тамчысына жашырат.
Сергитип гүлдү,
Сергитип гүлдү,
Тамчысына жашырат.

Жамгырда сонун гүлдөрдүн
Жакшыларын теребиз.
Гүл өстүргөн жамгырды,
Жазды ырдап келебиз.
Кызыл, сары гүлгө,
Кызыл, сары гүлгө,
Жазгы жамгыр боёкчу.

www.bizdin.kg

Жеңиш күнү

Музыкасы, сөзү М. Касейдики



www.bizdin.kg



www.bizdin.kg

Мекен коргоп, жанын берген
Жеңиш үчүн бабалар.
Улап ишин аталардын,
Улантышат урпактар.

Кайырма: Жеңиш күнү эл майрамдап,
Желбиреди желеги.
«Жергебизге тынчтык», – деген
Жалпы элдин тилеги.

Канкор фашист немистердин
Кайрып мизин жеңишкен.
Далай элге эркиндикти
Даңктуу алып беришкен.
Кайырма:

Жеңиш күнү аталардын
Эрдиктерин эскерип.
Элесине таазим кылып,
Тургузулган эстелик.
Кайырма:

www.bizdin.kg

Күн балдары

Сөзү Ж. Мамытовдуку Музыкасы К. Эралиеваныкы



Ошол нурдан күн уулунун
Жаркып турду маанайы.
Ар бир бала бул жарыкта
Энесинин таалайы.

Кайырма: Эң алгачкы нурун күн да
Ошолорго арнады.
Ар бир бала бул дүйнөдө
Апасынын ардагы.

Күнү бою күн балдары
Нурга боюн тарашты.
Алар анан батаар күндү
Жалооруша карашты.

Кайырма:

Караңгыда элейишип,
Азга кулак түрүшүп.
Анан баары кетти уйкуга,
Таажылары бүрүшүп.

Кайырма:

www.bizdin.kg

Тайды таптайм

Сөзү С. Кубатованыкы Музыкасы С. Бактыгуловдуку



Ата сөзүн, ата сөзүн билемин:
– Досторуңан, досторуңан калышпа, –
Актап үмүт, актап үмүт тилегим,
Ашып келем, ашып келем жарышта.

Кайырма: Тайды таптап мен,
Так түйүлтүп секиртем.
Тайторудай деп,
Таттуу тилек эшилтем.

Күндө тарап, күндө тарап жалынан,
Күмүш жүгөн, күмүш жүгөн катамын.
Күнгө карап, күнгө карап чуркатып,
Көңүл черин, көңүл черин жазамын.

Кайырма:

www.bizdin.kg

Күздө

Сөзү А. Токомбаевдики

Музыкасы А. Малдыбаевдики



www.bizdin.kg



Керилген жер бети,
Алтындай келбети.
Тоо болуп жыйналат *(2 жолу)*
Эмгектин бермети.

Эмгектин бермети.
Жалбырак дирилдейт,
Өткөн күн билинбейт.
Шыманган дыйкандар *(2 жолу)*
Түшүмгө күлүңдөйт.

Жабагы жайкалат,
Ириктер чайпалат.
Коңур күз эң сонун, *(2 жолу).*
Эмгекти кайтарат.

www.bizdin.kg

Осень

Сөзү О. Плещееваныкы

Музыкасы П. Чайковскийдики



www.bizdin.kg



www.bizdin.kg



Чахлая рябина
Мокнет под окном.
Смотрит деревушка
Серенъким пятном.

Что ты рано в гости,
Осень, к нам пришла?
Еще сердце просит
Света и тепла *(2 жолу).*

Все тебе не рады!
Твой унылый вид
Горе да невзгоды
Бедному сулит.

Слышит он заране,
Крик и плач ребят.
Видит, как от стужи
Ночь они не спят.

Нет одежды тёплой,
Нету в печке дров...
Ты на чей же, осень,
Поспешила зов? *(2 жолу)*

www.bizdin.kg

Биздин айыл

Сөзү К. Маликовдуку Музыкасы А. Малдыбаевдики



Күнгө карап күлүмсүрөйт
Бийик тоонун баш жагы.
Эчки, теке чубап жүргөн
Мелмилдеген асканы.
Тоонун бийик этегинде
Жүздөп, миңдеп жатканы,
Биздин жердин малы тура,
Ата-эненин тапканы.

Көп экен го айлыбыздын
Кымыз менен айраны.
Санак жетпейт канча экен деп,
Сүтү менен айраны.
Тоонун боору кандай сулуу,
Түркүн гүлдөр жайнаган.
Тоонун бети көпкөк токой,
Түркүн куштар сайраган.

www.bizdin.kg

Көл боюнда

Музыкасы элдики,
сөзү К. Маликовдуку



Эркиндеп салкын жел жүрүп,
Сергийбиз көлдүн боюнда.
Мемиреп бетиң күлүңдөп,
Ысык-Көлүм сонун да,
Ысык-Көлүм сонун да.

Жыргалдуу шаттык эмеспи,
Жай кылып жатсаң боюңду.
Шайыр дос жаштар ай чыга
Баштап салып оюнду,
Баштап салып оюнду.

Күнгөй да, тескей жагында
Эмгекчи элим эмеспи.
Жайлашып жазда чардаган
Мейкин жашыл белести,
Мейкин жашыл белести.

www.bizdin.kg

Эмгек ыры

Музыкасы, сөзү элдики



www.bizdin.kg



Ынтымак менен ырыстын
Ачалы кенен сырларын.
Ырыска кеңир чөмүлүп,
Ырдайлы эмгек ырларын.

Көңүлдү бурган иш үчүн
Көрөбүз өмүр жыргалын.
Канатым эмгек турганда
Канетип келбейт ырдагым.

Жетели эмгек баркына,
Жемиштүү болсун калкыма.
Камкордуу эмгек этели,
Киреше кирсин жалпыга.

Катуулап иштеп чамдайлы,
Кокустан артта калбайлы.
Калк үчүн болчу энчини
Кампага жыйнап камдайлы.

www.bizdin.kg

Ак кайың

Сөзү А. Осмоновдуку Музыкасы Ж. Муратованыкы



Жарашыктуу жаштайың,
Жадыраган жаз сайын.
Жаз күнүмдөн тең өскөн (ай),
Жакшынакай ак кайың.

Кайырма: Бутагыңа коноюн,
Кыштын жолун тороюн.
Жаштыгыңды менден ал (ай),
Аккан сууң болоюн.

Тамашалуу жаштайың,
Тармалдашкан жаз сайын.
Тай күнүмдөн тең өскөң (ай),
Татынакай ак кайың.

Кайырма:

Мен өзгөрдүм сен көрдүң,
Мен да көрдүм өнгөнүң.
Жаштыгымды кайра бер (ай),
Сурабаймын бөлөгүн.

Кайырма:

www.bizdin.kg

Жаңы жыл жылмаят

Сөзү Д. Жамансартованыкы Музыкасы К. Эралиеваныкы



Жашыл сүйкүм жапжаш балаты, балаты,
Кооз оюнчук толо арасы, арасы.
Шуру, мончок сонун жылтылдайт, жылтылдайт,
Кана бөбөк, бирден саначы, бирден саначы.

Аяз ата белек артынып, артынып,
Аяз кыз келет каткырып, каткырып.
Жаңы жылым мына жылмаят, жылмаят,
Өмүрлөрдү дайым шат кылып, дайым шат кылып.

Кол кармашып көңүл ачабыз, ачабыз,
Тегеренип бирге басабыз, басабыз.
Шаттык күүсү улап кыялды, кыялды,
Ырдап бүгүн черди жазабыз, черди жазабыз.

www.bizdin.kg

Аппак кар

Сөзү Ш. Дүйшеевдики

Музыкасы С. Момбековдуку



www.bizdin.kg









www.bizdin.kg



Бакчабызда бак аппак,
Балатылар дагы аппак.
Балдар чана теп дешти,
Баары болуп карышкыр.
Коён кылып салыптыр,
Кичинесиң деп мени.

Кайырма: Тоголондук топтой,
Тоңобуз деп коркпой.
Чоңдор тез-тез басышат,
Алар кайда шашышат.
Жыгылабыз дешет го,
Жылгаяктан качышат.

Кардан кылсак мамалак,
Кара күчүк кабанаак
Капысынан качырды.
Капталынан жыгылып,
Карга башы тыгылып,
Кайра бизден жашынды.

Кайырма:

www.bizdin.kg

Аяз ата

Музыкасы, сөзү М. Касейдики



www.bizdin.kg



Айланып жыл мезгилдери,
Ак бубактуу кыш келди.
Көп узабай жаңы жыл да
Көңүл ача тез келди.

Кайырма: Аппак тондуу Аяз ата,
Ал мектепке кош келди.
Куттук айтып жаңы жылдык,
Ырдап, бийлеп берели.

Ар дайым бар колунда (а)
Аса таяк сыйкырдуу.
Ал таягы кызыктырып,
Ага көңүл бөлүндү.

Кайырма: Аппак жүздүү жылмайып (а),
Аяз ата көңүлдүү.
Ырдап, бийлеп берели биз,
Бийик созуп үндөрдү.

Баштыгында кереметтүү
Бизге деген белеги.
Ал өзүнчө асемдүү да,
Кызыктырган себеби.

Кайырма: Ар түрдөгү кооз-көркөм
Аяз ата белеги.
Жаңы жылдык тартуу кылып,
Ырдап, бийлеп берели.

www.bizdin.kg

Весёлая карусель

Сөзү Ю. Энтиндики

Музыкасы В. Шаинскийдики



www.bizdin.kg



Карусель, карусель
Начинает рассказ.
Это сказки,
песни и веселье!
Ля – ля – ля…
Ля – ля – ля…

Карусель, карусель –
Это праздник для нас!
Прокатись.
На нашей карусели!
Ля – ля – ля…
Ля – ля – ля…

www.bizdin.kg

Уроки-чудеса

Сөзү М. Садовскийдики — Музыкасы Р. Бойконуку

Марш ылдамдыгында



Гудят земные недра,
И спит седая тундра,
Нас ждут просторы Родины –
Любимый край.
Забытые курганы,
Времён далёких тайны
Зовут к себе и дразнят нас, –
Попробуй отгадай!

Кайырма:

И в точные науки,
Откроем дверь без скуки,
В дорогу чудо – формулы
Мы припасём.
До звёзд пути откроем,
Проверим и освоим
И скоро их на карту,
Как земные, нанесём.

Кайырма:

www.bizdin.kg

Гүлдөй берсин Мекеним

Музыкасы, сөзү М. Касейдики



www.bizdin.kg

Ала-Тоонун боорунда (а),
Асыраган Мекеним.
Арча бешикке бөлөп (а),
Алдейлеген Мекеним.

Өсүп билим алсын деп (а),
Өбөк болгон Мекеним.
Татынакай болсун деп (а),
Таалим берген Мекеним.

Өнүгүп (а) күндөн күнгө,
Өсө берсин Мекеним.
Күүлөнүп (а) жылдан жылга,
Гүлдөй берсин Мекеним.

www.bizdin.kg

Гамма До-мажор

Музыкасы, сөзү К. Осмоновдуку



www.bizdin.kg



До-мажор, До-мажор,
Основных семь нот.
Словно трель соловья,
Звукоряд поёт.

Знак диез, знак бемоль,
При ключе их нет.
В гамме всей каждый звук
В белое одет.

www.bizdin.kg

Песенка школьника

Музыкасы, сөзү К. Осмоновдуку



www.bizdin.kg



www.bizdin.kg



www.bizdin.kg

Ручки, книжки, дневники,
Как всегда – в сумке,
А учитель почему,
Весь такой в думке?
Знаем мы: ученье – свет,
Жизнь прекрасна, «двоек» нет.

Кайырма: Славь ты в поступках
Класс друзей и дом!
Дружно мы нашу песню запоём:
Школе – честь, почёт – труду,
Всё освоем на лету.
Школе – честь, почёт – труду,
Всё освоем на лету.

Грянет дивная заря,
Мгла пройдёт, ночи,
И раскроет детвора веселей очи.
К нам с вершин священных гор
Устремляет солнце взор.
Кайырма:

Чтобы вместе пирожок
До звонка съели.
Мы за парты потесней
От души сели.
Наций всех одна семья,
Рай – кыргызская земля!
Кайырма:

www.bizdin.kg

1-Май

Музыкасы, сөзү М. Касейдики



www.bizdin.kg



Айланабыз гүл оронуп,
Атыр жыты аңкыды.
Кирип келди шаң менен
Биринчи Май майрамы.

Көтөрүлүп анда бийик
Эмгекчилер байрагы.
Көчөлөрдү шаңга бөлөп,
Биринчи Май майрамы.

Эл толкундап кубанычта,
Көңүлдөрү жайдары.
Чыңдап келет эл достугун
Биринчи Май майрамы.

www.bizdin.kg

Шырылдаң

Музыкасы, сөзү элдики



Шып-шырылдаң шыр экен эй,
Жылкычынын ыры экен эй.
Карылардын наркы экен эй,
Жигиттердин айты экен эй.
Айыл уулап түндөрдө эй,
Айта жүрчү салт экен эй.

Конок тоого бүткөндө эй,
Кошо чыккан шырылдаң эй.
Таруу ташка бүткөндө эй,
Талаш чыккан шырылдаң эй.
Жылкычыга коюндаш эй,
Жандап чыккан шырылдаң эй.

www.bizdin.kg

Адабияттар

1. *Абдыкадыров Р.* Ырларым менин тагдырым (ырлар жыйнагы). Ф.: Адабият, 1989.

2. *Аманбаев А., Давлесов Н.* Ырдоо, 1–4-класстар үчүн окуу китеби. Ф.: Кыргызмамбас, 1962.

3. Балдар ыр жыйнагы. Түз. *А. Укурчинов, Г. Эсенгулова*. Б.: Учкун, 1998.

4. Балдар хору үчүн чыгармалар. Түз. *Т. Чокиев.* Б.: Кербез басмасы, 2009.

5. *Давлесов Н.* Ырлар жана хорлор (балдар үчүн). Ф. Адабият, 1989.

6. *Дүйшөналиев Ж.* Методикалык иштелмелер жана ноталык хрестоматия. Орто мектептин 1-классынын мугалимдери үчүн. Б.: 2011.

7. *Касей М.* Балдар ыры. Ноталык хрестоматия жана усулдук колдонмолор. Орто мектептин башталгыч класстары (1–4) үчүн. Б.: Принт Экспресс басмасы, 2014.

8. *Касей М.* Мекен таануу музыкада. Орто мектептин башталгыч класстары (1–4) үчүн кошумча окуу куралы. Б.: 2008.

9. *Койгелдиева Т.* Музыка. Орто мектептин 2- классы үчүн окуу китеби. Ф.: 1980.

10. *Койгелдиева Т.* Музыка. Орто мектептин 4-классы үчүн окуу китеби. Ф.: 1982.

11. *Койгелдиева Т.*, Ниязова Н., Түрдумамбетова Ш. Методикалык иштелмелер жана ноталар жыйнагы. Орто мектептин 2-класстын мугалимдер үчүн. Ф.: 1998.

12. *Малдыбаев А.* Балдар ыры. Хрестоматия. Ф.: Кыргызмамбас, 1958.

14. *Малдыбаев Б.* Музыка. Орто мектептин 1-классы үчүн окуу китеби. 1978.

15. *Молдобасанов К.* Балдар ырлары. Ф. Кыргызстан, 1985.

16. *Ниязова Н., Касей М.* Музыкалык билим берүүнүн мамлекеттик стандарты. 1–7-класстар. Ф.: 1999.

17. Орто мектептин «Музыка» предмети боюнча окуу программасы. Башталгыч класстын (1–4) окуу программасы. Түз. *Касей М., Дүйшөналиев Ж., Шамбетова К., Шакирова А.* Б.: Билим, 2011.

18. Орто мектептин «Музыка» предмети боюнча окуу программасы. Башталгыч класстары (1–4) үчүн. Түз. К*асей М., Шамбетова К., Шакирова А., Эсенгулов Б*. Б.: Билим, 2013.

19. *Шералиев Ж.* Тандалма ырлар жыйнагы. Ф.: Кыргызстан, 1982.

20. Ырда бөбөк (ырлар жыйнагы). Түз. *Т. Саламатов. Ф.:* Адабият, 1990.

21. Ырдесте (ырлар жыйнагы). Түз. *К. Тагаев. Б*.: Мектеп, 1994.

www.bizdin.kg

МАЗМУНУ

Кириш сөз 3
Календардык план 5

1-чейрек. Адабият болбосо, музыка кандай болор эле?

1-сабак. 1-сентябрь – Билим күнү! 7
2-сабак. «Манас» эпосу музыкада 9
3-сабак. Молдобасан Мусулманкул уулу 10
4-сабак. «Семетей» эпосу 12
5-сабак. Жүсүп Мамай 13
6-сабак. Каба Атабек уулу 14
7-сабак. «Сейтек» эпосу 15
8-сабак. Шаабай Азиз уулу 17
9-сабак. Чейректик жыйынтык сабак 18

2-чейрек. Музыка болбосо, адабият кандай болор эле?

1-сабак. «Манас» эпосу композитордук музыкада 19
2-сабак. «Манас» операсы 20
3-сабак. А. Малдыбаев, В. Власов, В. Фере 21
4–5-сабактар. К. Молдобасановдун «Манас кошууну» симфониялык сүрөттөмөсү 23
6-сабак. М. Бегалиевдин «Манас» сонатасы 24
7-сабак. Жаңы жылдык концерт-сабак 25

3-чейрек. Биз музыканы көрө алабызбы?

1-сабак. Музыканы угуп, сүрөттөп көрө алабызбы? 27
2-сабак. Көргөзмөдөгү сүрөттөргө музыка 28
3-сабак. Кыргыз саймалары музыкада 29
4-сабак. Скульптураны көрүп, музыканы уга алабызбы? 31
5–6-сабактар. П. И. Чайковскийдин «Ак куулардын Айдың-Көл» балети 33
7-сабак. «Саманчынын жолу» балет-ораториясы 34
8-сабак. Нооруз майрамы 36
9-сабак. Чейректик жыйынтык сабак 38
10-сабак. Майрамдык концерт-сабагы 39

www.bizdin.kg

4-чейрек. Живописти уга алабызбы?

1-сабак. Музыканы сүрөттөп берген живопись 40
2-сабак. Жыл мезгилдери музыкада жана живописте 41
3-сабак. Жеңиш күнү 43
4-сабак. Күн балдары. К. Эралиева 44
5–6-сабактар. Музыкалык көркөм каражаттар 46
7-сабак. Тайды таптайм. С. Бактыгулов 47
8-сабак. Искусствонун үч түрүнүн байланышы 49

Ноталык хрестоматия

Кыргыз Республикасынын Гимни 52
Биз окуган мектепте 54
Айкөл Манас (үзүндү) 55
Каныкейдин жомогу (үзүндү) 56
Каныкейдин Тайторуну байгеге чабышы (үзүндү) 58
Сейтектин чоңоюшу 60
Мен кыргыздын уулумун 62
Эне тил 63
Ата Мекен..... 66
Жаңы жыл 67
Аппак кар 68
Элкин-Тоо 69
Байчечекей жакшы гүл 70
Кечки жомок 73
Шайыр комузчу 74
Нооруз майрам 75
Токтогулдун кербези 77
Жазгы жамгыр 78
Жеңиш күнү 81
Күн балдары 84
Тайды таптайм 85

Кошумча материалдар

Күздө 86
Осень 88
Биздин айыл 91
Көл боюнда 92
Эмгек ыры 93
Ак кайың 95

www.bizdin.kg

Жаңы жыл жылмаят 96
Аппак кар 97
Аяз ата 100
Весёлая карусель 102
Уроки-чудеса 104
Гүлдөй берсин Мекеним 105
Гамма До-мажор 107
Песенка школьника 109
1-Май 113
Шырылдаң 115
Адабияттар 116

www.bizdin.kg

О к у у б а с ы л м а с ы

Касей Муратбек,
Шамбетова Кульнар Жетикошкановна,
Шакирова Альбина Муслиховна

МУЗЫКА

4-класс

Мугалимдер үчүн усулдук колдонмо

Редактору *К. Байтокова*
Корректору *Н. Эсенаманова*
Техн. редактору *Б. Тимуров*
Дизайнери *Д. Тимур*

Терүүгө 10.06.2015-ж. берилди. Басууга 10.09.2015-ж. кол коюлду.
Форматы 70x100$^{1}/_{16}$. Офсет кагазы № 1. «Calibri» ариби.
Көлөмү 7,5 физ. б. т. Нускасы 5 440. Заказ № 31

«Билим-компьютер» басмаканасында даярдалды.
Бишкек ш., Горький көчөсү, 1/2, 701

«ST. art LTD» ЖЧК типографиясында басылды.
Бишкек ш., Тыныстанов көчөсү, 199-46.